Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын
# төлөм теңдеми

2015-жыл үчүн

2016-жылдын май айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Н. Жеңиш |
| Кеңештин мүчөлөрү: | С. Урустемов |
| | Г. Исакова |
| Жооптуу катчы: | К. Кудабаев |

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

"Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми" Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдык негизи болуп Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 29-июлундагы №59 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2000-жылдын 3-ноябрындагы "Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасын жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө" токтому саналат. Басылмада тышкы секторду өнүктүрүүдөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтарды, ошондой эле төлөм теңдемин түзүүнүн маалыматтык базасын камтылат. Басылма жылына 4 жолу – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.
***Басылмада статистикалык камтуунун жана методологиянын такталгандыгына байланыштуу 2011-жылдан 2015-жылга чейинки маалыматтар кайра каралып чыкты: өлкөгө жана чет өлкөгө тике чет өлкө инвестициялар боюнча; дебитордук жана кредитордук карыз боюнча; ишканалардын чет өлкөдөгү эсептери жана чет өлкөгө берилген кредиттер боюнча. Мындан тышкары, ЭВФ методологиясына ылайык Улуттук банктын эл аралык камдары боюнча маалыматтар кайра каралып чыккан, аларга ылайык эл аралык камдык активдерде конвертацияланууччу валюталардагы активдер гана камтылган. Башка валюталардагы активдер "башка инвестициялар" статьясы боюнча башка активдер катары чагылдырылган. Тике, портфелдик жана башка инвестициялар боюнча 2015-жыл үчүн маалыматтар болжолдуу берилген.***
***Реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептөө үчүн базалык мезгил кайра каралган.***

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2016-жылдын 20-майы**

**Шарттуу белгилер**:
... маалыматтардын жок экендигин билдирет;
— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;
- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (мисалы 1994 - 1996-жылдар же январь - июнь айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-07, 66-90-56 телефондору
(+996 312) 61-52-85; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: kkudabaev@nbkr.kg

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөрүлгөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2016-жыл.

Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.

"Триада-принт" басма үйүндө басылып чыгарылды.
Тел.: (+996 312) 69 03 93
(+996 312) 69 03 94
e-mail: pochta@triadaprint.kg

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары**

***Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет (Инфляция боюнча баяндама)***
Басылманын максаты болуп кеңири коомчулукка акча-кредит саясатынын максаты жана натыйжалары жөнүндө мезгил-мезгили менен маалымдап туруу саналат. Басылмада, акча-кредит саясатын жана керектөө бааларынын индексинин динамикасын камтуу менен, тышкы чөйрөнүн өнүгүшүнө жана өлкөдөгү макроэкономикалык абалга талдап-иликтөөлөр, негизги соода өнөктөштөрү болуп келген өлкөлөрдүн, ошондой эле экономиканын реалдуу жана тышкы секторлорунун өнүгүшү, инфляция боюнча орто мөөнөттүк болжолдоолор сунушталат. Чейрек сайын электрондук калыпта кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономикасынын сектору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчетту, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногунун негизги маалыматтарын камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***
Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, банктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү чагылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо, бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

Басылмалар тизмеге ылайык таратылат жана Улуттук банктын www.nbkr.kg дарегиндеги web-сайтында "Басылмалар" бөлүгүндө жайгаштырылып келүүдө.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| АКУ (SDR) | Атайы карыз алышуу укугу |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| АЧӨ | алыскы чет өлкө |
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БК | баалуу кагаздар |
| БФКМ | банктык эмес финансы-кредит мекемелери |
| ДБ | Дүйнөлүк банк |
| ДТК | дүң тышкы карыз |
| ЖТК | жалпы тышкы карыз |
| Жеке ТК | жеке тышкы карыз |
| ИДӨ | ички дүң өнүм |
| КБ | коммерциялык банктар |
| КМШ | Көзкарандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КРӨФРТКМК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун тескөө жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы |
| МИП | Мамлекеттик инвестиция программасы |
| МТК | мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ОПЕК (OPEC) | Мунай экспортточу өлкөлөрдүн бирикмеси |
| ПРГФ | Жакырчылыкты азайтуу жана экономикалык өсүштү туруктуу абалга келтирүү механизми |
| РЭАК | реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ (CIF) | импортёр-өлкөнүн чегарасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| ТБЭС | коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы |
| ТИМ | Тышкы иштер министрлиги |
| ТКМ | Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ТЭИТН | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| УБ | Улуттук банк |
| УСК | Улуттук Статистика комитети |
| у.с. | ушул сыяктуу |
| ФМ | Финансы министрлиги |
| ФОБ (FOB) | экспортёр-өлкөнүн чегарасындагы баа (free on board) |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фондусу |
| ЭИП | эл аралык инвестициялык позиция |
| ЭСТК | Эл аралык стандарттык товардык классификация |

## МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин күндөлүк абалы** ... 7
**Кыргыз Республикасынын тышкы карызы** ... 30
**Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы** ... 35
**I тиркеме: Таблицалар жана графиктер** ... 39
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө)... 40
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ... 48
I.3-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ... 48
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ... 49
I.5-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ... 49
I.6-таблица. Экспорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ... 50
I.7-таблица. Экспорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ... 50
I.8-таблица. Импорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ... 51
I.9-таблица. Импорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ... 51
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ... 52
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ... 54
I.12-таблица. Баа индекстери жана экспорттун физикалык көлөмү ... 56
I.13-таблица. Баа индекстери жана импорттун физикалык көлөмү ... 57
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ... 58
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ... 58
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ... 59
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ... 60
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ... 61
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ... 62
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ... 63
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ... 64
I.21-таблица. БАЭге товарлардын экспорту ... 65
I.22-таблица. Афганистанга товарлардын экспорту ... 66
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ... 67
I.23-таблица. Россиядан товарлардын импорту ... 67
I.24-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ... 68
I.25-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ... 69
I.26-таблица. Украинадан товарлардын импорту ... 70
I.27-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ... 71
I.28-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ... 72
I.29-таблица. АКШдан товарлардын импорту ... 73
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ... 74
I.31-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ... 75
I.32-таблица. Япониядан товарлардын импорту ... 76
I.33-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ... 77
I.34-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ... 78
I.1-график. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ... 79
I.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ... 80
I.36-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ... 83
I.37-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ... 84
I.38-таблица. Эл аралык камдар ... 84
**II тиркеме: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү ыкмасы** ... 85
**III тиркеме: Төлөм теңдеминин «Кыдыруулар» статьясына баа берүүнүн ыкмасы** ... 94
**IV тиркеме: Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы** ... 95
**V тиркеме: Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы** ... 99
**VI тиркеме: Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерди эсептөө ыкмасы** ... 102
**VII тиркеме: Эл аралык инвестициялык позицияларды түзүү ыкмасы** ... 104
**VIII тиркеме: Экономиканын ачыктыгын жана тышкы сооданын концентрациялануусун эсептөө ыкмасы** ... 106

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН КҮНДӨЛҮК АБАЛЫ

**1-график. Күндөлүк операциялар эсеби**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




2015-жылдын жыйынтыгы боюнча товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын терс сальдосунун төмөндөөсү жана акча которуулар көлөмүнүн азаюусунун алкагында күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы[1] ИДӨгө карата 11,3 пайызда[2] же 732,9 млн АКШ долларында калыптанган.

## СООДА БАЛАНСЫ

*Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча соода балансынын тартыштыгынын төмөндөөсү экспортко салыштырганда импорттун нарктык көлөмүнүн олуттуу азаюусуна шартталган.*

**2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Кыргыз Республикасынын ФОБ баасындагы **соода балансы**[1] 2015-жылы 2014-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 29,3 пайызга кыскаруу менен 1 984,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдодо түптөлгөн.

**ФОБ баасында тышкы соода жүгүртүү** отчеттук мезгил ичинде 27,8 пайызга төмөндөгөн жана 5 608,8 млн АКШ долларын түзгөн.

Өлкөнүн товар жүгүртүүсүнүн ИДӨгө карата катышы катары эсептелген экономиканын ачык-айкындуулук көрсөткүчү 2014-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 11,6 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 85,9 пайызды түзгөн. Төмөндөө тышкы соода жүгүртүүнүн доллар эквивалентинде ИДӨ көлөмүнүн кыскаруусуна салыштырганда кыйла олуттуу кыскарышынын натыйжасында жүргөн[3].



[1] Мында жана мындан ары текст боюнча маалымат, эгер башка шилтеме келтирилбесе Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен көрсөтүлгөн.

[2] Мында жана мындан ары ИДӨгө карата катыш көрсөткүчтөрү акыркы төрт чейректи камтыган өзгөрүлмөлүү жылдык маалыматтардын негизинде эсептелинген.

[3] 2015-жылдын жыйынтыгы боюнча ИДӨнүн реалдуу өсүшү сом эквивалентинде 3,5 пайызды түзгөн.

**1-таблица. Экономиканын ачык-айкындуулугу**

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Товарлардын экспорту (ФОБ), *млн АКШ доллары* | 2 267,0 | 1 954,4 | 2 058,2 | 1 891,6 | 1 812,4 |
| Товарлардын импорту (ФОБ), *млн АКШ доллары* | 3 935,9 | 5 165,1 | 5 613,6 | 5 290,2 | 3 796,4 |
| Экономиканын ачык-айкындуулугу, *пайыздарда* | 104,3 | 110,1 | 106,4 | 97,5 | 85,9 |

Тышкы соода операцияларынын товардык диверсификациясын мүнөздөгөн, товарлардын экспортунун жана импортунун товардык концентрациясынын көрсөткүчтөрүнө ылайык[4], 2015-жылы экспорттун товардык концентрациясынын 6,4 пайыздык пунктка көбөйүүсү байкалган, бул өлкө экспортунда алтындын салыштырма салмагынын көбөйүүсүнө шартталган. Импорттун товардык ассортиментинин бир аз көбөйүүсү анын товардык концентрация көрсөткүчүнүн 2,8 пайыздык пунктка төмөндөөсүнө алып келген.

**2-таблица. Тышкы сооданын товардык концентрациялануусу***
*(пайыздарда)*

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Товарлардын экспорту | 51,4 | 35,1 | 42,2 | 44,4 | 50,8 |
| Товарлардын импорту | 14,1 | 14,5 | 14,4 | 14,1 | 11,3 |

* УСКнын маалымат базасында Улуттук банктын эсептөөлөрү, УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда.

**ФОБ баасында товарлардын экспорту** 2014-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 27,0 пайызга кыскаруу менен 1 812,4 млн АКШ долларында түптөлгөн. **Алтынды эске албаганда, экспорт** 2014-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 35,0 пайызга кыскаруу менен 1 147,0 млн АКШ доллары чегинде катталган. Отчеттук мезгилде алтынды эске албаганда, экспорттун кыскарышы "жашылчалар", "жана башка органикалык эмес химиялык заттар" жана "кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар" сыяктуу ири статьяларга туура келет.

**Алтынды жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, экспорт** 14,3 пайызга кыскаруу менен 1 011,0 млн АКШ долларын түзгөн.

[4] Өлкө тарабынан экспорттоолуучу же импорттоолуучу товарлардын чөйрөсүн канчалык кеңири экендигин көрсөтүп турат. Концентрациялануу коэффициентинин көбөйүшү өлкөлөрдүн (продукция түрлөрүнүн) азайышын же болбосо айрым өлкөлөрдүн жалпы көлөмүндө үлүшүнүн көбөйүшүн түшүндүрөт.

## 3-таблица. Товарлардын негизги түрлөрүнүн экспорту*

*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | экспортко карата пайыздарда, 2015 | алтынды эске албаганда экспортко карата пайыздарда, 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экспорт, бардыгы болуп[1]** | **2 380,7** | **2 588,3** | **2 833,2** | **2 482,7** | **1 812,4** | **100,0** | — |
| Алтын (монетардык эмес) | 1 006,2 | 562,3 | 736,8 | 716,9 | 665,4 | 36,7 | — |
| Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар | 95,1 | 88,2 | 110,5 | 87,0 | 55,6 | 3,1 | 4,8 |
| Авиакеросин[2] | 70,3 | 86,0 | 117,7 | 92,3 | 53,5 | 2,9 | 4,7 |
| Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар | 143,4 | 156,8 | 109,4 | 100,6 | 40,7 | 2,2 | 3,5 |
| Бут кийим | 3,3 | 2,9 | 4,0 | 6,7 | 23,4 | 1,3 | 2,0 |
| Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары | 17,8 | 56,2 | 18,9 | 40,5 | 19,1 | 1,1 | 1,7 |
| Сигареттер | 1,5 | 0,3 | 3,3 | 16,2 | 16,7 | 0,9 | 1,5 |
| Пахта | 31,0 | 33,9 | 19,9 | 24,1 | 15,9 | 0,9 | 1,4 |
| Ысытуу лампалары | 21,5 | 21,9 | 23,6 | 19,3 | 15,5 | 0,9 | 1,3 |
| Май жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | 23,4 | 21,0 | 12,0 | 20,6 | 15,3 | 0,8 | 1,3 |
| Жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган же кургатылган | 39,2 | 55,5 | 54,4 | 36,7 | 15,1 | 0,8 | 1,3 |
| Башка органикалык эмес химиялык заттар | 27,6 | 36,4 | 28,9 | 45,9 | 12,5 | 0,7 | 1,1 |
| Даяр эмес тамеки; тамеки калдыктары | 13,1 | 12,0 | 14,3 | 21,0 | 11,5 | 0,6 | 1,0 |
| Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек | — | 15,9 | 28,4 | 25,3 | 10,8 | 0,6 | 0,9 |
| Башка товарлар | 887,3 | 1 438,9 | 1 551,1 | 1 229,7 | 841,6 | 46,4 | 73,4 |
| **Бардыгы болуп, алтынды эске албаганда экспорт** | 1 374,5 | 2 025,9 | 2 096,4 | 1 765,8 | 1 147,0 | — | 100,0 |
| **Бардыгы болуп, алтынды жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда экспорт** | 1 260,8 | 1 392,1 | 1 321,4 | 1 179,6 | 1 011,0 | | |

Эскертүү: УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарына ылайык

[1] Евразия экономикалык бирлигине кирген өлкөлөр менен өз ара соода жүргүзүү боюнча УСК тарабынан жеке адамдарга жүргүзүлгөн тандап изилдөөнүн жыйынтыгы жана Улуттук банктын эсептөөлөрүнө ылайык, айлар боюнча бөлүштүрүлгөн УСКнын айыл чарба продукцияларына тиешелүү кошумча баа берүүлөрдү эске алуу менен

[2] Борттук запастарды ташып чыгаруу

"ЭСТКнын башка категорияларына камтылбаган товарлар жана операциялар" жана "машиналар жана транспорттук жабдуулар" бөлүктөрүнүн салыштырма салмагынын көбөйүүсүнө башка бөлүктөрдүн ири товардык позицияларынын берүү көлөмүнүн олуттуу кыскаруусу негизги себеп болгон. Мында, 2015-жылы көбүрөөк кыскаруу отчеттук жыл ичинде "ар түрдүү даяр буюмдар" жана "тамак-аш азыктары жана тирүү мал" топтору боюнча байкалган, бул кийимди, жашылча-жемиштерди берүү көлөмүнүн төмөндөөсүнөн улам келип чыккан. "Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары" тобунун салыштырма салмагынын кыскарышы тапталган айнектердин, резина дөңгөлөктөрүнүн, чоюн жана болоттун берүү көлөмүнүн кыскарышынан улам жүргөн.

**4-таблица. Экспорттун ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүлүшү***

*(салыштырма салмак, пайыздарда)*

| Аталышы | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| ЭСТКнын башка категорияларында камтылбаган товарлар жана операциялар | 50,8 | 33,6 | 41,1 | 43,5 | 50,2 |
| Машиналар жана транспорттук жабдуулар | 6,3 | 12,6 | 10,0 | 8,9 | 14,1 |
| Тамак-аш азыктары жана тирүү мал | 9,8 | 12,2 | 12,2 | 10,8 | 8,4 |
| Ар түрдүү даяр буюмдар | 9,6 | 11,0 | 8,4 | 9,1 | 6,5 |
| Минерал отуну, майлоочу майлар жана у.с. материалдар | 9,3 | 9,9 | 9,3 | 7,8 | 5,7 |
| Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары | 5,8 | 8,2 | 10,3 | 7,6 | 5,6 |
| Отундан тышкары, азык-түлүк эмес чийки заттар | 4,4 | 7,6 | 4,1 | 5,9 | 4,9 |
| Суусундуктар жана тамеки | 1,3 | 1,0 | 1,3 | 2,5 | 2,3 |
| Башка категорияларда камтылбаган химиялык заттар жана у.с. продукциялар | 2,6 | 3,7 | 3,2 | 4,0 | 2,3 |
| Мал жана өсүмдүк майлары, тоң майлар жана момдор | — | — | — | — | — |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда



Нарктык көлөмүнүн төмөндөшүнө карабастан, Кыргыз Республикасынын экспортунун тармактык түзүмүндө мурдагыдай эле, **иштетүү өнөр жайы** (металлургиялык, текстилдик жана тигүү өндүрүшү) жана **айыл чарба** продукциясы алдыңкы ролду ээлейт. 2015-жылы иштетүү өнөр жай продукциялары экспортунун төмөндөшү негизги металлдардын өндүрүш көлөмүнүн кыскарышына байланыштуу болгон[5]. Алтын экспортунун 7,2 пайызга нарктык төмөндөөсү физикалык көлөмүнүн 2,0 пайызга кыскарышы жана контракттык баалардын 5,3 пайызга түшүүсү менен аныкталган[6]. Нарктык көлөмүнүн олуттуу төмөндөөсү "чоюн жана болот" тобунун башка ири товардык позициясы боюнча катталган (70,6 пайызга). Металлургиялык өндүрүштүн калган продукциялары боюнча экспорт көлөмүнүн өзгөрүүсү кыйла аз эле болгон.

[5] "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2015-жылдын январь-декабрь айлары)", КР УСК.

[6] 2015-жылы алтындын 1 трой унциясы үчүн орточо дүйнөлүк баа 1 156,4 АКШ долларын түзгөн, бул 2014-жылдагы баа деңгээлинен 8,7 пайызга төмөн; булак: Reuters.

**5-таблица. Металлургия өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Алтын (монетардык эмес) | *т* | 20,2 | 10,4 | 16,9 | 18,0 | 17,6 |
| | *млн АКШ долл.* | 1 006,2 | 562,3 | 736,8 | 716,9 | 665,4 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары[1] | *миң т* | 9,6 | 11,7 | 14,5 | 112,4 | 197,4 |
| | *млн АКШ долл.* | 8,6 | 12,1 | 11,6 | 11,4 | 10,0 |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 26,4 | 28,9 | 39,7 | 25,5 | 7,1 |
| | *млн АКШ долл.* | 17,9 | 26,3 | 36,2 | 18,0 | 5,3 |
| Металл сыныктары жана кара металлургия калдыктары | *миң т* | 145,4 | 90,0 | 61,0 | 99,8 | 87,9 |
| | *млн АКШ долл.* | 12,4 | 7,8 | 5,0 | 6,3 | 4,7 |
| Күмүш, платина жана платина топторуна кирген башка металлдар | *т* | 6,0 | 2,9 | 4,6 | 5,2 | 5,6 |
| | *млн АКШ долл.* | 6,8 | 2,9 | 3,3 | 3,1 | 3,0 |
| Баалуу металлдан жасалган зер буюмдар жана алардын тетиктери | *т* | — | 1,2 | — | 2,3 | 23,2 |
| | *млн АКШ долл.* | 3,2 | 3,3 | 1,6 | 2,9 | 0,7 |
| Баалуулукка жатпаган ар түрдүү металлдар | *т* | 671,8 | 1 098,6 | 1 981,4 | 102,0 | 21,3 |
| | *млн АКШ долл.* | 9,2 | 10,7 | 15,0 | 0,8 | 0,1 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда

[1] Күлдү жана төмөн нарктагы металлдарды камтыган калдыктарды берүүнүн көлөмү 2015-жылы натуралдык мааниде экспорттоо негизги үлүштү ээлеген.

2014-жылдын январь-декабрь айларына салыштырганда 2015-жылдын январь-декабрь айларында текстиль өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшү кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар экспортунун 59,6 пайызга кыскарышына алып келген. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде топтун бардык товардык позициялары боюнча экспорт көлөмүнүн кыскарышы байкалган. Мында, берүү көлөмүнүн эң эле төмөндөшү "текстиль кездемелеринен аялдар жана кыздар үчүн тигилген кийим-кече" статьясы боюнча байкалган (57,6 пайызга же 33,8 млн АКШ долларына).

МАЗМУНУ

**6-таблица. Тигүү өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кийим-кече жана аларга тиешелүү буюмдар, бардыгы болуп** | ***млн АКШ долл.*** | **143,4** | **156,8** | **109,4** | **100,6** | **40,7** |
| Текстиль кездемелеринен аялдар жана кыздар үчүн тигилген кийим-кече | *млн даана* | 42,4 | 60,5 | 56,0 | 79,1 | 31,8 |
| | *млн АКШ долл.* | 84,2 | 96,0 | 69,3 | 58,6 | 24,8 |
| Трикотаждан аялдар жана кыздар үчүн тигилген же токулган кийим-кече | *млн даана* | 13,8 | 8,1 | 5,6 | 8,9 | 7,4 |
| | *млн АКШ долл.* | 20,0 | 11,6 | 5,8 | 8,6 | 5,6 |
| Текстиль кездемелеринен эр адамдар жана балдар үчүн тигилген кийим-кече | *млн даана* | 7,5 | 10,2 | 8,3 | 9,7 | 5,4 |
| | *млн АКШ долл.* | 19,2 | 17,6 | 13,8 | 12,1 | 5,5 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалган, трикотаж же трикотаж эмес кийим-кечеге тиешелүү буюмдар | *млн АКШ долл.* | 3,3 | 5,7 | 2,5 | 4,9 | 2,6 |
| Токулган же токулбаган, согулган же согулбаган кийим-кечеге тиешелүү буюмдар | *млн АКШ долл.* | 13,0 | 20,8 | 14,3 | 12,5 | 1,4 |
| Трикотаждан эр адамдар жана балдар үчүн тигилген же токулган кийим-кече | *млн даана* | 3,4 | 8,0 | 6,7 | 11,5 | 2,2 |
| | *млн АКШ долл.* | 2,0 | 4,4 | 2,6 | 2,9 | 0,6 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалгандан тышкаркы кийим-кече буюмдары, баш кийим | *млн АКШ долл.* | 1,5 | 0,7 | 1,2 | 1,0 | 0,2 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда

2015-жылдын январь-декабарь айларында негизинен буудай, жашылча жана картошка өндүрүшүнүн, ошондой эле мал чарба продукциясынын[7] көбөйүшү менен шартталган айыл чарба продукциясын дүң чыгаруу көлөмүнүн өсүшүнө карабастан, отчеттук мезгил ичинде мал чарба жана өсүмдүк өстүрүү продукциясынын экспорттук берүүлөрүнүн олуттуу кыскарышы байкалган. Олуттуу түшүү жашылчаларды (төмөндөө 36,1 пайызга же 31,4 млн АКШ долларына), жемиш жана жаңгактарды (58,9 пайызга же 21,6 млн АКШ долларына) жана пахтаны (34,0 пайызга же 8,2 млн АКШ долларына) берүүлөрдө белгиленген. Берүүлөрдүн нарктык кыскарышы берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн сыяктуу эле, экспорттолуучу товарлардын контракттык бааларынын да төмөндөөсүнөн улам жүргөн. Ошондой эле эт жана эт азыктарын, тирүү малдын, дан азыктарды, ири мүйүздүү малдын терилерин жана булгаары чийки-затынын жана башка категорияларда камтылбаган тамак-аш азыктарынын ташып кетүү көлөмү кыскарган.

[7] "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2015-жылдын январь-декабрь айлары)", КР УСК.

**7-таблица. Айыл чарбасынын негизги экспорттук продукциясы***

| Товарлардын аталыштары | өлч. бирдиги | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар | *миң т* | 299,5 | 227,6 | 244,8 | 204,1 | 190,5 |
| | *млн АКШ долл.* | 95,1 | 88,2 | 110,5 | 87,0 | 55,6 |
| Пахта | *миң т* | 21,2 | 26,9 | 15,5 | 18,6 | 12,8 |
| | *млн АКШ долл.* | 31,0 | 33,9 | 19,9 | 24,1 | 15,9 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | *миң т* | 24,6 | 25,1 | 12,8 | 24,8 | 23,9 |
| | *млн АКШ долл.* | 23,4 | 21,0 | 12,0 | 20,6 | 15,3 |
| Жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган же кургатылган | *миң т* | 83,9 | 89,9 | 92,5 | 67,0 | 22,3 |
| | *млн АКШ долл.* | 39,2 | 55,5 | 54,4 | 36,7 | 15,1 |
| Башка категорияларда камтылбаган, тамак-аш продукциялары | *миң т* | 2,8 | 4,2 | 4,7 | 4,1 | 3,8 |
| | *млн АКШ долл.* | 2,9 | 3,8 | 4,8 | 4,0 | 5,7 |
| Тирүү мал[1] | *миң даана* | 41,4 | 27,6 | 481,9 | 18,9 | 12,1 |
| | *млн АКШ долл.* | 7,7 | 8,2 | 10,7 | 8,2 | 4,8 |
| Ири мүйүздүү малдын териси | *миң т* | 1 166,9 | 1 201,8 | 1 321,9 | 979,9 | 978,9 |
| | *млн АКШ долл.* | 3,6 | 4,7 | 3,6 | 3,1 | 3,0 |
| Эт жана эт азыктары | *миң т* | 0,3 | 0,6 | 0,7 | 0,4 | 0,9 |
| | *млн АКШ долл.* | 2,6 | 6,1 | 7,2 | 4,1 | 1,8 |
| Дан азыктары, ундан же крахмалдан жасалган азыктар | *миң т* | 1,6 | 1,9 | 1,6 | 1,8 | 1,4 |
| | *млн АКШ долл.* | 3,9 | 3,9 | 3,1 | 2,0 | 1,7 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда

[1] 2013-жылы нак маанидеги экспорттун олуттуу көлөмү Казакстанга бал аарыларын берүүлөрүнүн өсүшүнө байланыштуу келип чыккан

2015-жылы товарлар экспортунун **географиялык түзүмүндө** алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү 54,0 пайызды түзгөн. Алыскы чет өлкөлөрдөн экспорттун олуттуу көлөмдөрү Швейцарияга, Бириккен Араб Эмиратына, Кытай жана Түркияга туура келген. Бул өлкөлөргө негизинен, баалуу металлдарды жана айыл чарба продукциясын берүүлөр жүзөгө ашырылган.

Евразия экономикалык бирлигине сунушталуучу товарлардын салыштырма салмагы 37,0 пайызга кыскарган. Экспорттун нарктык көлөмдөрүнүн төмөндөөсүнө карабастан, товарлардын айрым түрлөрүн географиялык бөлүштүрүлүшү алтынды эске албаганда, Кыргыз Республикасынын салттуу болуп калган экспорттук товардык позициялары Евразия экономикалык бирлигине кирген өлкөлөргө сунушталгандыгын тастыктаган. Айыл чарба продукциясынан тышкары, Евразия экономикалык бирлигине кирген өлкөлөргө текстиль өнөр жай продукциясы экспорттолууда. Евразия экономикалык бирлигине кирген айрым өлкөлөр боюнча товарлардын негизги керектөөчүлөрүнөн болуп Россия Федерациясы жана Казакстан Республикасы саналат.

Бүтүндөй алганда, отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасы товарларды 89 өлкөнүн рыногуна экспорттогон (2014-жылдын январь-декабрь айларында экспорт 86 өлкөгө ишке ашырылган эле).

МАЗМУНУ

## 8-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн экспортунун географиялык түзүмү*

*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | Өлкөлөр | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | жыйын-тыгында, пайыздарда, 2015 [1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Алтын (монетардык эмес)** | **Бардыгы болуп** | **1 006,2** | **562,3** | **736,8** | **716,9** | **665,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Швейцария | 867,5 | 544,7 | 510,7 | 573,0 | 559,3 | 84,1 |
| | БАЭ | 137,3 | 0,1 | 206,5 | 130,8 | 85,6 | 12,9 |
| **Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар** | **Бардыгы болуп** | **95,1** | **88,2** | **110,5** | **87,0** | **55,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Түркия | 34,1 | 26,3 | 50,6 | 43,3 | 24,4 | 43,9 |
| | Казакстан | 33,7 | 36,1 | 32,7 | 22,4 | 9,2 | 16,5 |
| | Сербия | 0,8 | 0,2 | 3,5 | 4,9 | 6,5 | 11,6 |
| | Россия | 13,5 | 7,1 | 4,5 | 4,0 | 4,9 | 8,9 |
| **Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **143,4** | **156,8** | **109,4** | **100,6** | **40,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 6,8 | 81,2 | 105,2 | 98,0 | 38,8 | 95,4 |
| | Россия | 135,6 | 75,3 | 3,8 | 1,9 | 1,5 | 3,6 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы болуп** | **3,3** | **2,9** | **4,0** | **6,7** | **23,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 0,4 | 2,3 | 4,0 | 6,0 | 22,5 | 96,1 |
| | Россия | 2,2 | 0,2 | — | — | 0,8 | 3,5 |
| | Өзбекстан | 0,2 | — | — | 0,6 | — | — |
| **Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары** | **Бардыгы болуп** | **17,8** | **56,2** | **18,9** | **40,5** | **19,1** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 7,7 | 25,4 | 17,4 | 38,1 | 18,5 | 96,4 |
| | Кытай | 9,3 | 30,2 | 0,9 | 2,4 | 0,6 | 3,4 |
| **Сигаретттер** | **Бардыгы болуп** | **1,5** | **0,3** | **3,3** | **16,2** | **16,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Ирак | — | — | 2,9 | 15,5 | 15,1 | 90,0 |
| | Түркия | 0,2 | — | — | 0,6 | 0,3 | 1,7 |
| **Пахта** | **Бардыгы болуп** | **31,0** | **33,9** | **19,9** | **24,1** | **15,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 27,4 | 27,2 | 12,8 | 15,1 | 8,3 | 52,5 |
| | Түркия | 1,4 | 4,9 | 6,1 | 7,0 | 6,0 | 37,6 |
| | Латвия | 1,4 | 0,4 | 0,8 | 1,3 | 1,2 | 7,3 |
| **Электр ысытуу лампалары, алардын тетиктери** | **Бардыгы болуп** | **21,5** | **21,9** | **23,6** | **19,3** | **15,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Өзбекстан | 5,6 | 5,2 | 5,9 | 6,4 | 5,4 | 34,9 |
| | Россия | 6,4 | 5,2 | 6,2 | 4,2 | 4,8 | 30,8 |
| | Түркмөнстан | 2,8 | 2,7 | 2,6 | 3,9 | 2,9 | 18,8 |
| | Азербайжан | 0,9 | 2,2 | 2,1 | 2,7 | 1,7 | 11,1 |
| **Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары** | **Бардыгы болуп** | **23,4** | **21,0** | **12,0** | **20,6** | **15,3** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 22,6 | 20,9 | 9,5 | 20,6 | 15,3 | 99,9 |
| **Жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган же кургатылган** | **Бардыгы болуп** | **39,2** | **55,5** | **54,4** | **36,7** | **15,1** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 25,4 | 44,6 | 41,8 | 19,0 | 4,2 | 27,8 |
| | Иран | 5,1 | 1,8 | 2,7 | 4,7 | 3,0 | 19,8 |
| | Түркия | 1,0 | 2,1 | 2,5 | 5,1 | 3,6 | 23,7 |
| | Россия | 6,3 | 3,1 | 0,7 | 1,3 | 1,6 | 10,4 |
| **Башка органикалык эмес химиялык заттар** | **Бардыгы болуп** | **27,6** | **36,4** | **28,9** | **45,9** | **12,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 27,6 | 36,4 | 28,9 | 45,9 | 12,5 | 100,0 |
| **Даяр эмес тамеки; тамеки калдыктары** | **Бардыгы болуп** | **13,1** | **12,0** | **14,3** | **21,0** | **11,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 10,3 | 7,0 | 9,3 | 13,7 | 4,5 | 39,3 |
| | Украина | 1,0 | 1,5 | 4,3 | 1,0 | 3,6 | 31,8 |
| | Польша | — | — | — | 2,8 | 1,4 | 12,4 |
| **Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек** | **Бардыгы болуп** | **—** | **15,9** | **28,4** | **25,3** | **10,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | — | 6,4 | 13,9 | 10,5 | 5,0 | 46,4 |
| | Тажикстан | — | 0,1 | 0,1 | 3,5 | 3,0 | 27,6 |
| | Өзбекстан | — | 0,2 | 1,7 | 9,2 | 2,8 | 26,0 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде ФОБ баасында, Улуттук банктын жана УСКнын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда

[1] ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда



МАЗМУНУ

2015-жылдын жыйынтыгы боюнча **товарлардын** ФОБ баасындагы **импорту** 3 796,4 млн АКШ долларын түзгөн жана 2014-жылга салыштырганда 28,2 пайызга төмөндөгөн.

**9-таблица. Эл аралык стандарттык товардык классификация бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү**

*(салыштырма салмак, пайыздарда)*

| Бөлүктүн аталышы | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары | 15,6 | 15,7 | 17,3 | 16,5 | 22,0 |
| Машиналар жана транспорттук жабдуулар | 22,7 | 24,3 | 24,6 | 26,1 | 20,0 |
| Минерал отуну, майлоочу майлар жана у.с. материалдар | 22,8 | 21,5 | 21,8 | 20,4 | 19,6 |
| Башка категорияларда камтылбаган химиялык заттар жана у.с. продукциялар | 11,1 | 10,1 | 10,7 | 11,6 | 11,4 |
| Ар кандай даяр буюмдар | 9,2 | 9,0 | 8,9 | 8,3 | 10,7 |
| Тамак-аш азыктары жана тирүү мал | 12,7 | 10,7 | 10,6 | 10,9 | 10,4 |
| Суусундуктар жана тамеки | 2,5 | 5,2 | 2,3 | 2,6 | 2,5 |
| Отундан тышкары, азык-түлүктөн башка чийки заттар | 2,0 | 2,0 | 2,3 | 2,1 | 1,7 |
| Мал жана өсүмдүк майлары, тоң майлар жана мом | 1,4 | 1,1 | 1,1 | 1,1 | 1,4 |
| ЭСТКнын башка категорияларында камтылбаган товарлар жана операциялар | — | 0,4 | 0,3 | 0,4 | 0,5 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

Отчеттук мезгил ичинде ЭСТК бөлүгү боюнча импорттун **товардык түзүмүндө** эң эле басымдуу үлүш "материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары" бөлүгүнө туура келген. Башка бөлүктөрдүн товарларынын импортунун нарктык көлөмүнүн кыйла олуттуу азайышынан улам, бул бөлүктүн салыштырма салмагы 22,0 пайызды түзгөн. Негизги товардык позициялар боюнча "чоюн жана болот" жана "жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер" сыяктуу статьялардын импорт көлөмүнүн көбөйүшү белгиленген. Башка товардык позициялар боюнча берүүлөр көлөмү кыйла төмөндөгөн.

"Автоунаалардын тетиктери жана ага тиешелүүлөр", "учуучу аппараттар жана аларга тиешелүү жабдуулар", "жүк ташуу үчүн жана атайы багытка каралган автоунаалар" сыяктуу ушул топтун айрым товарларын кийинки реэкспорт үчүн аз-аздап ташып киргизилгендигин белгилей кетүү зарыл.

**10-таблица. "Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары"***

*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | өлч. бирдиги | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн АКШ долл.*** | **662,7** | **872,8** | **1 049,3** | **946,8** | **874,6** |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 166,5 | 253,8 | 333,2 | 363,2 | 332,7 |
| | *млн АКШ долл.* | 146,8 | 226,9 | 278,4 | 287,3 | 351,5 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | *млн чарчы м* | 251,7 | 234,0 | 175,6 | 155,6 | 291,4 |
| | *млн АКШ долл.* | 63,3 | 74,5 | 74,4 | 75,2 | 100,5 |
| Кагаз жана картон | *миң т* | 29,3 | 31,2 | 32,6 | 40,5 | 38,2 |
| | *млн АКШ долл.* | 36,3 | 39,7 | 46,3 | 50,9 | 37,3 |
| Резина дөңгөлөктөрү | *млн даана* | 1,6 | 1,4 | 1,3 | 1,3 | 0,7 |
| | *млн АКШ долл.* | 55,5 | 71,1 | 82,7 | 59,1 | 32,1 |
| Башка категорияларда камтылбаган кагаз, картондон жасалган буюмдар | *миң т* | 4,1 | 4,8 | 5,9 | 7,0 | 6,8 |
| | *млн АКШ долл.* | 15,4 | 16,7 | 21,1 | 23,8 | 22,2 |
| Сырдалган керамика плиткалары | *млн чарчы м* | 2,8 | 3,9 | 4,3 | 5,3 | 3,0 |
| | *млн АКШ долл.* | 14,2 | 20,5 | 29,5 | 33,9 | 21,7 |
| Башка категорияларда камтылбаган чоюндан жана болоттон жасалган конструкциялар | *миң т* | 10,0 | 22,5 | 52,4 | 21,0 | 10,7 |
| | *млн АКШ долл.* | 18,3 | 44,3 | 110,1 | 38,7 | 20,6 |
| Тапталган жана калыбына келтирилген жыгач | *миң куб. м* | 85,8 | 143,3 | 153,9 | 119,9 | 5 390,4 |
| | *млн АКШ долл.* | 29,6 | 40,5 | 42,6 | 37,6 | 19,4 |
| Темирден, болоттон жана жезден жасалган мыктар, гайкалар жана чоң бурамалар | *миң т* | 8,9 | 8,2 | 10,5 | 10,1 | 9,0 |
| | *млн АКШ долл.* | 11,7 | 12,3 | 15,1 | 16,6 | 14,6 |
| Полго төшөлмөлөр | *млн чарчы м* | 7,9 | 7,9 | 8,9 | 7,4 | 4,0 |
| | *млн АКШ долл.* | 12,4 | 13,9 | 20,7 | 17,8 | 13,0 |
| Алюминий | *миң т* | 1,8 | 2,8 | 6,3 | 6,0 | 3,9 |
| | *млн АКШ долл.* | 5,4 | 9,7 | 19,8 | 17,5 | 11,9 |
| Жыгач-булалуу плита | *млн чарчы м* | 6,1 | 7,0 | 6,4 | 7,8 | 3,7 |
| | *млн АКШ долл.* | 13,8 | 16,8 | 17,1 | 18,5 | 11,9 |
| Башка категорияларда камтылбаган, кен болбогондордон алынган буюмдар | *миң т* | 34,4 | 41,2 | 45,3 | 47,7 | 51,7 |
| | *млн АКШ долл.* | 9,2 | 12,6 | 15,5 | 15,9 | 10,6 |
| Сымдардан жасалган буюмдар жана тосмо торлор | *миң т* | 3,9 | 9,3 | 19,9 | 13,2 | 7,3 |
| | *млн АКШ долл.* | 6,4 | 33,3 | 42,6 | 22,6 | 10,0 |
| Башка товарлар | *млн АКШ долл.* | 224,3 | 240,0 | 233,4 | 231,2 | 197,4 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

Ташып келүү жана бажылык тариздөө шарттарынын өзгөрүшүнөн улам, "мурда колдонулган автоунааларды" берүүлөрүнүн алдыга озгон кыскаруу арымдары 2015-жылы "машиналар жана транспорттук жабдуулар" тобунун салыштырма салмагынын 20,0 пайызга чейин төмөндөшүн шарттаган. Мурда колдонулган автоунааларды суммардык ташып келүү 2014-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырганда 406,9 млн АКШ долларына азайган. Муну менен бирге эле, "электр линиялык телефон же телеграф аппараттары", "жеңил автоунаалар жана адамдарды ташуу үчүн каралган транспорттук каражаттар", "автоунаалардын тетиктери жана ага тиешелүү жабдуулар" сыяктуу статьяларынын импорт көлөмү төмөндөгөн.

Импорт көлөмүнүн бир аз көбөйүшүн "жүк ташуу үчүн жана атайы багытка каралган автоунаалар" жана "курулуш жана тоо-кен казып алуу өнөр жайы үчүн машиналар" статьялары боюнча берүүлөр көрсөткөн.

**11-таблица. "Машиналар жана транспорттук жабдуулар" тобу боюнча негизги товарлар***
*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | өлч. бирдиги | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн АКШ долл.*** | **968,5** | **1 354,1** | **1 494,6** | **1 493,9** | **794,6** |
| Жүк ташуу үчүн жана атайы багытка каралган автоунаалар | *миң даана* | 3,4 | 5,2 | 5,0 | 1,6 | 3,9 |
| | *млн АКШ долл.* | 92,4 | 189,7 | 110,2 | 59,8 | 67,4 |
| Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары | *млн даана* | 2,1 | 1,6 | 1,8 | 1,8 | 1,2 |
| | *млн АКШ долл.* | 100,4 | 67,8 | 63,9 | 56,9 | 51,2 |
| Автоунаалардын тетиктери жана аларга тиешелүүлөр | *млн АКШ долл.* | 33,8 | 49,6 | 63,7 | 49,1 | 44,5 |
| Учуучу аппараттар жана аларга тиешелүү жабдуулар | *млн АКШ долл.* | 35,5 | 29,5 | 38,7 | 55,9 | 42,2 |
| Жеңил автоунаалар жана адамдарды ташуу үчүн каралган транспорттук каражаттар | *миң даана* | 1,3 | 1,3 | 2,6 | 2,9 | 2,1 |
| | *млн АКШ долл.* | 22,1 | 19,7 | 47,1 | 66,3 | 36,7 |
| Башка категорияларда камтылбаган, курулуш жана тоо кендерин казуу өнөр жайы үчүн машиналар | *даана* | 368,0 | 353,0 | 259,0 | 2 806,0 | 529,0 |
| | *млн АКШ долл.* | 9,0 | 1,5 | 4,4 | 14,1 | 24,2 |
| Жарым трейлер үчүн жол унаалары (тарттыргычтар) | *миң даана* | 1,1 | 2,0 | 1,8 | 1,2 | 0,5 |
| | *млн АКШ долл.* | 21,1 | 39,4 | 65,3 | 56,3 | 23,7 |
| Маалыматтарды автоматтык түрдө иштеп чыгуучу жабдуулар жана алардын тетиктери | *миң даана* | 317,4 | 381,7 | 404,9 | 278,3 | 294,5 |
| | *млн АКШ долл.* | 21,8 | 17,7 | 24,9 | 19,1 | 23,2 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор, өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | *миң даана* | 0,2 | 0,5 | 0,8 | 0,6 | 1,2 |
| | *млн АКШ долл.* | 21,1 | 43,1 | 39,5 | 25,7 | 21,0 |
| Жер кыртышын, таштарды, кендерди сорттоо, элөө, майдалоо ж.б. үчүн унаалардын тетиктери | *млн АКШ долл.* | 6,7 | 8,8 | 10,1 | 8,8 | 17,4 |
| Чиркегичтер жана жарым чиркегичтер; башка транспорт каражаттары | *млн АКШ долл.* | 12,0 | 18,6 | 22,1 | 38,2 | 17,1 |
| Изоляцияланган электр өткөрмөлөрү, кабель | *миң даана* | 2,8 | 5,5 | 5,8 | 5,6 | 3,9 |
| | *млн АКШ долл.* | 13,1 | 29,4 | 32,1 | 23,1 | 15,4 |
| Жер которуштуруу, текшилөө, казуу же бургулоо үчүн машиналар | *даана* | 124,0 | 367,2 | 110,0 | 104,0 | 138,0 |
| | *млн АКШ долл.* | 8,6 | 15,4 | 8,2 | 16,6 | 15,3 |
| Каражаттарды ташып жеткирүү үчүн ичинен күйүүчү поршендик кыймылдаткычтар | *миң даана* | 4,6 | 6,5 | 10,0 | 13,3 | 8,5 |
| | *млн АКШ долл.* | 6,4 | 4,8 | 15,1 | 10,6 | 13,6 |
| Башка категорияда камтылбаган, суюктук насостор | *миң даана* | 61,8 | 216,6 | 611,1 | 519,8 | 346,6 |
| | *млн АКШ долл.* | 9,0 | 12,9 | 19,5 | 20,2 | 12,0 |
| Мурда колдонулган жеңил автоунаалар | *миң даана* | 53,7 | 69,6 | 87,5 | 108,7 | 0,7 |
| | *млн АКШ долл.* | 214,7 | 279,6 | 313,4 | 413,8 | 7,0 |
| Башка товарлар | *млн АКШ долл.* | 340,6 | 526,5 | 616,4 | 559,3 | 362,7 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

ЭСТК бөлүктөрү боюнча импорттун түзүмүндө "минералдык отун, майлоочу майлар жана ушул сыяктуу материалдар" бөлүгүнүн салыштырма салмагы үлүшүнө бөлүктүн түзүмүндө басымдуу бөлүгү туура келген мунай заттардын импортунун нарктык көлөмүнүн 38,3 пайызга төмөндөшүнөн улам, 19,6 пайызга чейин кыскарган.

Мунай заттардын импортунун нарктык көлөмүнүн азайышы 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчтөрүнө салыштырганда орточо контракттык баанын 31,0 пайызга жана ташып келүүнүн физикалык көлөмүнүн 10,6 пайызга төмөндөөсүнүн эсебинен жүргөн. Мунай заттардын импортунун нарктык көлөмүнүн кыскарышы, негизинен, бензинди жана дизель отунун берүүлөр абсолюттук мааниде 329,9 млн АКШ долларына төмөндөшү менен шартталган. Муну менен бирге эле, отчеттук мезгил ичинде мазутту берүүлөр бир аз (66,9 млн АКШ долларына чейин) көбөйгөн.

Ушул топто күйүүчү-майлоочу материалдардан тышкары, жаратылыш газы жана көмүр олуттуу үлүштү ээлейт. Отчеттук мезгил ичинде жаратылыш газын жана көмүрдү берүүлөр тиешелүүлүгүнө жараша 20,1 жана 12,7 пайызга төмөндөгөн.

**12-таблица. Мунай заттардын импорту***
*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | өлч. бирдиги | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | жыйынтыгында, пайыздарда, 2015 [1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунай заттар, бардыгы болуп** | ***миң т*** | **1 132,1** | **1 355,7** | **1 599,1** | **1 446,7** | **1 293,6** | **100,0** |
| | ***млн АКШ долл.*** | **833,6** | **1 046,0** | **1 180,4** | **1 044,0** | **644,0** | **100,0** |
| Автоунаа бензини | *миң т* | 558,7 | 709,6 | 840,4 | 618,2 | 564,8 | 43,7 |
| | *млн АКШ долл.* | 393,6 | 515,6 | 571,5 | 457,7 | 279,7 | 21,6 |
| Дизель отуну | *миң т* | 354,1 | 468,5 | 587,4 | 509,7 | 408,7 | 31,6 |
| | *млн АКШ долл.* | 268,5 | 367,3 | 444,9 | 368,8 | 216,9 | 16,8 |
| Мазут | *миң т* | 76,4 | 39,5 | 9,4 | 148,0 | 205,7 | 15,9 |
| | *млн АКШ долл.* | 29,1 | 16,5 | 4,7 | 66,2 | 66,9 | 5,2 |
| Авиакеросин | *миң т* | 117,6 | 102,1 | 125,9 | 95,7 | 89,6 | 6,9 |
| | *млн АКШ долл.* | 111,4 | 105,4 | 115,3 | 82,8 | 51,6 | 4,0 |
| Майлоочу материалдар | *миң т* | 13,8 | 14,9 | 16,8 | 16,0 | 15,5 | 1,2 |
| | *млн АКШ долл.* | 23,9 | 26,3 | 32,4 | 30,4 | 23,9 | 1,8 |
| Иштетиле элек мунай | *миң т* | — | 6,3 | 1,0 | 4,9 | 1,3 | 0,1 |
| | *млн АКШ долл.* | — | 4,0 | 0,6 | 2,8 | 0,7 | 0,1 |
| Жана башка мунай заттар | *миң т* | 11,5 | 14,7 | 18,1 | 54,3 | 8,0 | 0,6 |
| | *млн АКШ долл.* | 7,0 | 10,8 | 10,9 | 35,2 | 4,3 | 0,3 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

[1] ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда

МАЗМУНУ

Жерде жүрүүчү транспортту берүүлөрдүн олуттуу төмөндөөсүнүн эсебинен импортту **географиялык бөлүштүрүүдө** алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү 2014-жылы 51,5 пайыздан отчеттук мезгил ичинде 46,5 пайызга чейин азайган.

Нарктык көлөмүнүн кыйла (74,7 пайызга) төмөндөөсүнө карабастан, алыскы чет өлкөлөрдөн импортунун товардык түзүмүндө "автоунаалар" тобу негизги үлүштү ээлейт. Алыскы чет өлкөлөрдүн (айрыкча Япониядан, Германиядан, Кытайдан жана АКШдан) үлүшүнө товардык топтун импортунун жалпы көлөмүнүн 60,0 пайызынан көбүрөөгү туура келет. Алыскы чет өлкөлөрдөн алынып келинген керектөө товарларынын түзүмүндө дары-дармектерди, кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдарды, эт жана эт азыктарын берүүнүн төмөндөөсү жана бут кийимдин жана кездемелердин импортунун көбөйүшү белгиленген.

Евразия экономикалык бирлигине кирген өлкөлөрдөн алынып келинген товарлардын салыштырма салмагы 49,2 пайызды түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Евразия экономикалык бирлигине кирген өлкөлөрдөн алынган импорттун негизги үлүшүн отун-энергетикалык товарлар түзгөн. Россия Федерациясы мунай заттарынын негизги сунуштоочусунан болгон. Мунай заттарынан тышкары, чоюн жана болотту берүүлөр көлөмүнүн да өсүшү байкалган.

Бүтүндөй алганда, отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасына дүйнөнүн 133 өлкөсүнөн (2014-жылы – 143 өлкөсүнөн) импорт ишке ашырылган.

## 13-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн импортунун географиялык түзүмү*
*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | Өлкөлөр | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | жыйынтыгында, пайыздарда, 2015 [1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Автоунаалар** | **Бардыгы болуп** | **432,5** | **659,9** | **702,6** | **800,9** | **202,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 43,4 | 57,5 | 87,0 | 67,8 | 42,9 | 21,1 |
| | Япония | 145,0 | 174,6 | 214,3 | 324,7 | 26,6 | 13,1 |
| | Германия | 75,3 | 111,8 | 123,5 | 135,3 | 26,5 | 13,1 |
| | АКШ | 58,9 | 96,6 | 63,5 | 57,0 | 16,8 | 8,3 |
| **Чоюн жана болот** | **Бардыгы болуп** | **146,8** | **226,9** | **278,4** | **287,3** | **351,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 66,0 | 95,6 | 127,1 | 118,4 | 154,9 | 44,1 |
| | Казакстан | 28,5 | 35,7 | 50,3 | 53,7 | 117,0 | 33,3 |
| | Кытай | 45,7 | 84,8 | 88,3 | 106,4 | 74,6 | 21,2 |
| | Корея | 0,7 | 1,5 | 1,9 | 1,5 | 1,7 | 0,5 |
| **Автоунаа бензини** | **Бардыгы болуп** | **393,6** | **515,6** | **571,5** | **457,7** | **279,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 393,3 | 515,6 | 571,5 | 457,7 | 276,0 | 98,7 |
| **Газойль (дизель отуну)** | **Бардыгы болуп** | **268,5** | **367,3** | **444,9** | **368,8** | **217,0** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 257,9 | 361,0 | 443,6 | 368,7 | 179,5 | 82,7 |
| | Казакстан | 8,9 | 6,2 | 1,1 | 0,1 | 37,5 | 17,3 |
| **Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **184,3** | **239,3** | **231,4** | **190,5** | **137,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 159,3 | 197,9 | 189,1 | 146,5 | 92,2 | 66,8 |
| | Түркия | 17,1 | 32,7 | 33,6 | 33,4 | 36,3 | 26,4 |
| **Дары-дармектер (ветеринардык дары-дармектерди кошо алганда)** | **Бардыгы болуп** | **148,7** | **173,1** | **172,5** | **180,9** | **134,2** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 19,4 | 20,8 | 24,1 | 19,2 | 16,5 | 12,3 |
| | Швейцария | 5,7 | 3,8 | 7,2 | 8,6 | 11,9 | 8,9 |
| | Индия | 12,3 | 13,0 | 16,4 | 14,9 | 11,6 | 8,6 |
| | Германия | 9,9 | 11,4 | 14,0 | 15,3 | 10,3 | 7,7 |
| **Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер** | **Бардыгы болуп** | **63,3** | **74,5** | **74,4** | **75,2** | **100,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 58,9 | 69,3 | 68,8 | 68,9 | 95,8 | 95,4 |
| | Түркия | 3,8 | 4,4 | 4,5 | 5,3 | 3,5 | 3,5 |
| | Корея | 0,3 | 0,4 | 0,2 | 0,3 | 0,6 | 0,5 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы болуп** | **53,3** | **81,9** | **72,4** | **50,0** | **87,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 40,3 | 61,4 | 52,6 | 34,2 | 73,7 | 84,3 |
| | Түркия | 4,5 | 6,1 | 7,9 | 7,4 | 8,4 | 9,6 |
| | Өзбекстан | 2,4 | 2,9 | 3,7 | 3,0 | 2,7 | 3,1 |
| | Россия | 3,5 | 6,0 | 5,0 | 3,2 | 1,1 | 1,2 |
| **Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар** | **Бардыгы болуп** | **82,3** | **101,9** | **90,8** | **81,7** | **61,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 40,6 | 59,2 | 47,2 | 44,3 | 32,9 | 53,2 |
| | Украина | 22,0 | 21,0 | 19,4 | 14,9 | 8,7 | 14,1 |
| | Казакстан | 5,4 | 6,1 | 6,4 | 6,3 | 7,3 | 11,8 |
| **Буудай (полбаны кошо алганда) жана тартылбаган дан өсүмдүктөрүнүн аралашмасы** | **Бардыгы болуп** | **67,0** | **93,6** | **89,9** | **100,4** | **61,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 66,9 | 93,6 | 83,3 | 100,4 | 61,4 | 99,8 |
| **Эт жана эт азыктары** | **Бардыгы болуп** | **72,5** | **76,3** | **88,0** | **98,7** | **51,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 19,3 | 26,3 | 31,1 | 46,6 | 24,8 | 48,1 |
| | АКШ | 45,0 | 39,2 | 43,9 | 32,5 | 12,0 | 23,3 |

* УСКнын маалыматтарынын негизинде СИФ баасында

[1] ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда

МАЗМУНУ

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

*Кыргыз Республикасынын тышкы соода операциялар көлөмүнүн кыскарышы менен отчеттук мезгил ичинде эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсү да төмөндөгөн.*

**3-график. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча тышкы соода***

*(млн АКШ долларында)*




* УСКнын маалыматтарынын негизинде, УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен

2015-жыл жыйынтыгы боюнча эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсү 1 800,5 млн АКШ долларын түзүү менен 15,5 пайызга төмөндөгөн.

**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы** (төлөм теңдеминин нейтралдык берүүдө) терс түптөлүп, 2014-жылдагы 330,5 млн АКШ долларынын ордуна 113,7 млн АКШ долларын түзгөн. Мында, кызмат көрсөтүүлөр импорту 22,3 пайызга төмөндөгөн, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын резиденттери тарабынан сунушталуучу кызмат көрсөтүүлөр көлөмү 6,3 пайызга кыскарган.

Отчеттук мезгил ичинде **кызмат көрсөтүүлөр экспорту** 843,4 млн АКШ долларын түзгөн, бул товарлардын экспорт көлөмүнүн 50,3 пайызга ылайык келет. **Кызмат көрсөтүүлөр импорту** 957,1 млн АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн, бул товарлардын импортунун 25,2 пайызын түзгөн.

**4-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**

*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




2015-жылы кыдыруулар, транспорттук жана ишкердик кызмат көрсөтүүлөр аныктоочу статьялардан болгон, аларга чогуу алганда эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсүнүн 83,4 пайызы туура келет.

2015-жыл жыйынтыгы боюнча "кыдыруулар" статьясынын сальдосу 119,8 млн АКШ доллар өлчөмүндөгү профицит менен түптөлгөн, бул 2014-жылдын салыштырылуучу көрсөткүчүнөн 2,7 эсеге көп. Бул, Кыргыз Республикасынын жарандары чет өлкөдө болгон учурда аларга сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн 21,6 пайызга кыскарышынан улам болгон.

Отчеттук мезгил ичинде транспорттук кызмат көрсөтүүлөр сальдосу, мурдагыдай эле терс түптөлүп, 274,3 млн АКШ долларды түзгөн, бул 2014-жылдагыга караганда 39,1 пайызга аз. Мында, транспорттук кызмат көрсөтүүлөр экспортунун 14,1 пайызга көбөйүшү байкалган, ошол эле учурда импорт боюнча операциялар көлөмү 25,2 пайызга кыскарган. Резидент эместерге сунушталган транспорттук кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнүн көбөйүшү айрыкча, автоунаа транспорту менен сунушталган кызмат көрсөтүүлөр экспортунун 5,8 эсеге өсүшүнүн эсебинен жүргөн. Өлкөнүн резиденттерине темир жол (18,5 пайызга), аба (34,0 пайызга), автоунаа (35,8 пайызга) транспорту боюнча сунушталган кызмат көрсөтүүлөр импортунун төмөндөшү транспорттук кызмат көрсөтүүлөр импортунун жалпы көлөмүнүн кыскарышын шарттаган.

Отчеттук мезгил ичинде ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту оң калыптанып, 2014-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 2,6 пайызга төмөндөө менен 34,2 млн АКШ долларын түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде консультациялык кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнүн кыскарышы ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту сыяктуу эле, экспортунун да төмөндөшүнө таасир эткен негизги фактордон болгон.

## КИРЕШЕЛЕР

*Отчеттук жылы "кирешелер" статьясынын динамикасы эң башкысы, резидент эместерге төлөөгө чегерилген тике инвестициялар боюнча кирешелер көлөмүнүн өзгөргөндүгү менен аныкталган.*

2015-жыл жыйынтыгы боюнча "кирешелер" статьясынын сальдосу 274,2 млн АКШ доллар өлчөмүндө терс түптөлгөн, бул 2014-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 10,9 пайызга аз. Мындай тенденция, негизинен ишканалардын реинвестицияланган пайдасынын көлөмүнүн 213,3 млн АКШ долларынан 201,7 млн АКШ долларына чейин азайышына шартталган. Тике чет өлкө инвесторлордун пайдасына дивиденд түрүндө резидент-компаниялардын бөлүштүрүлгөн кирешелеринин көлөмү 56,9 пайызга азайып, 4,3 млн АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде мурда алынган кредиттер боюнча пайыздарды төлөө көлөмү жеке сектордун кредиттери боюнча төлөөлөрдүн кыскарышынын эсебинен 14,4 пайызга азайып, 67,2 млн АКШ долларын түзгөн. Өлкөнүн резиденттери тарабынан башка инвестициялар боюнча алынган башка кирешелер көлөмү 2015-жылы бир аз кыскарып, 17,4 млн АКШ долларын түзгөн. Бүтүндөй алганда, бул "башка инвестициялар боюнча кирешелер" статьясынын тартыштыгынын 17,7 пайызга (49,9 млн АКШ долларына чейин) азайышына өбөлгө түзгөн.

2015-жыл жыйынтыгы боюнча "эмгекке төлөөлөр" статьясынын сальдосу 19,2 млн АКШ доллар өлчөмүндө терс түптөлүп, 20,0 пайызга азайган, бул резидент эместердин Кыргыз Республикасында ишкердигинен түшкөн кирешелеринин чогуу алгандагы көлөмүнүн азайышына байланыштуу болгон.

## ТРАНСФЕРТТЕР

*"Күндөлүк трансферттер" статьясы боюнча келип түшүүлөр көлөмү кыскарган, бул эмгек мигранттардын акча которууларынын таза агымынын төмөндөөсүнүн эсебинен жүргөн.*

2015-жыл жыйынтыгы боюнча **күндөлүк трансферттердин** оң балансы 2014-жылдын деңгээлине салыштырганда 25,0 пайызга төмөндөө менен 1 632,8 млн АКШ долларын түзгөн.

**Жеке трансферттер** (башка секторлор) күндөлүк трансферттер эсебине аныктоочу таасир тийгизген, алардын таза агылып кирүүсү 25,8 пайызга кыскарып, 1 514,9 млн АКШ долларын түзгөн.

Жеке трансферттер түзүмүндө, мурдагыдай эле иштеп жаткандардын акча которуулары аныктоочу ролду ээлешет, жеке трансферттердин келип түшүүлөрүнүн дүң көлөмүндө алардын салыштырма салмагы 90 пайыздан көбүрөөгүн түзөт. 2015-жыл жыйынтыгы боюнча акча которуулардын таза агылып кирүүсүнүн төмөндөшү алардын дүң агылып кирүүсүнүн 24,8 пайызга азайышы менен шартталган, ошол эле учурда акча которуулардын агылып чыгуусу 20,2 пайызга төмөндөгөн.

МАЗМУНУ

**14-таблица. Иштеп жаткандардын акчалай которууларынын түзүмү***
*(млн АКШ долларында)*

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.1. Иштеп жаткандардын акчалай которуулары | 1 661,5 | 1 951,7 | 2 101,3 | 1 993,4 | 1 478,3 |
| 1.1.1. Түшүүлөр | 1 859,7 | 2 208,8 | 2 469,0 | 2 424,0 | 1 822,1 |
| алардын ичинен: | | | | | |
| *Акча которуу системалары боюнча түшүүлөр* | *1 695,4* | *2 017,9* | *2 268,2* | *2 235,9* | *1 683,6* |
| *Жеке адамдардын банк аркылуу түшкөн трансферттери* [1] | *9,0* | *9,7* | *6,5* | *4,8* | *2,9* |
| *Почта аркылуу калктын акча которуулары* | *4,2* | *3,8* | *3,4* | *2,2* | *1,2* |
| *Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрү* [2] | *151,0* | *177,4* | *191,0* | *181,2* | *134,4* |
| 1.1.2. Агылып чыгуу | -198,3 | -257,1 | -367,7 | -430,6 | -343,8 |

* Кошумча баа берүүлөрдү эске алганда, Улуттук банктын маалыматтары боюнча

[1] 3000 АКШ долларынан ашпаган өлчөмдөгү которуулар эске алынган

[2] Эмгек мигранттарынын нак формада ишке ашырылган которууларынын бөлүгүн кошумча эсептөө үчүн 10% өлчөмүндө кошумча баа берүүнүн коэффициенти колдонулат

Акча которуулар системасы эмгек мигранттардын республикага акча каражаттарын которуудагы негизги ыкмасы бойдон калууда[8]. 2015-жылы акча которуу системасы аркылуу келип түшкөн каражаттардын таза көлөмү 1 344,4 млн АКШ долларын[9] түзгөн, бул 2014-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 25,8 пайызга төмөн[10]. Акча которуулардын географиялык түзүмү дээрлик өзгөрүүсүз калган. Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча акча которуулардын негизги үлүшү Россия Федерациясынан (96,0 пайыз) келип түшкөн. Башка өлкөлөрдүн салыштырма салмагы кыйла төмөн: которуулардын 1,8 пайызы АКШдан, 0,5 пайызы Казакстан Республикасынан алынган. Кыргыз Республикасынан жөнөтүлгөн которуулардын түзүмүндө басымдуу салыштырма салмак да Россия Федерациясына туура келет (95,8 пайыз).

**5-график. Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Акча которуулар соода тартыштыгынын каржылоонун негизги булагы бойдон калууда. Акча которуулар сальдосу мурдагыдай эле керектөө товарларынын таза экспортунун ордун жабат, ал өз кезегинде 593,6 млн АКШ доллар өлчөмүндө терс мааниде калыптанган.

2015-жылы **мамлекеттик башкаруу секторуна** күндөлүк трансферттердин сальдосу (төлөм теңдемин нейтралдуу берүүдө) 117,9 млн АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 11,8 пайызга аз. Расмий трансферттердин келип түшүүлөрүнүн азайышы мамлекеттик сектор тарабынан алынган акча гранттар көлөмүнүн 11,5 пайызга кыскарышынан улам келип чыккан. Отчеттук мезгил ичинде эл аралык уюмдарга төлөнгөн мүчөлүк төлөмдөрдүн көлөмү 3,2 пайызга көбөйүп, 2,7 млн АКШ долларын түзгөн.

[8] Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары жана "Кыргызпочтасы" аркылуу которуулар.

[9] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз.

[10] Мында, валюталар номиналында акча которуулар агылып кирүүсүнүн алгылыктуу динамикасы белгиленет. Бирок, эмгек мигранттары барган негизги өлкөлөрдүн валюталарынын девалвацияланышынан улам, доллар эквивалентиндеги акча которуулар көлөмү төмөндөп жатат.

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

*2015-жылы капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби оң түптөлгөн. Каралып жаткан эсептин калыптанышына тике инвестициялар жана мамлекеттик сектордун кредиттери негизги ролду ээлеген.*

2015-жыл жыйынтыгы боюнча **капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** 591,3 млн АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 4,2 пайызга аз.

**Капитал менен операциялар эсебинин** сальдосу 79,1 млн АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул 2014-жылы жетишилген деңгээлден 20,3 пайызга көп. Отчеттук мезгилдин көрсөткүчтөрүнүн көбөйүшү грант түрүндө алынган капиталдык трансферттердин өсүшү менен шартталган.

**6-график. Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча **финансылык эсеп**[11] 512,2 млн АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2014-жылга караганда 7,1 пайызга аз. Отчеттук мезгил ичинде капиталдын негизги агылып кирүүсү "тике инвестициялар" жана "мамлекеттик сектордун кредиттери" статьялары боюнча байкалган.

2015-жыл жыйынтыгы боюнча "тике инвестициялар"[12] статьясы боюнча каражаттардын таза көлөмү оң мааниде түптөлүп, 621,9 млн АКШ долларына жеткен. Акционердик капиталга инвестицияланган финансылык каражаттардын агылып кирүүсүнүн 671,0 млн АКШ долларына чейин көбөйүшү ушул статьянын динамикасына негизги таасирди тийгизген. Отчеттук мезгил ичинде реинвестицияланган кирешелердин таза агылып кирүүсү 5,4 пайызга кыскарып, 201,7 млн АКШ долларын түзгөн. Муну менен бирге эле, тике чет өлкө инвестициялардын 15,2 пайызга көбөйүшү белгиленген.

Отчеттук мезгил ичинде экономикалык иштин түрлөрү боюнча өлкөгө тике инвестициялардын олуттуу агымы финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, кесиптик, илимий жана техникалык иш чөйрөсүндө алектенген ишканалар боюнча байкалган. Тике инвестициялардын географиялык түзүмүндө Россиядан жана Канададан капиталдын таза агылып кирүүсү басымдуулук кылат.

2015-жыл жыйынтыгы боюнча "башка инвестициялар" статьясы боюнча каражаттардын таза көлөмү 2014-жыл жыйынтыгы боюнча 318,7 млн АКШ долларынын ордуна 12,9 млн АКШ доллар деңгээлинде оң мааниде түптөлгөн, бул мамлекеттик жана жеке секторлор тарабынан тартылган тышкы кредиттер көлөмүнүн кыскарышынан улам болгон.

[11] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

[12] УСКнын өлкөгө, ошондой эле чет өлкөгө тике чет өлкө инвестициялары боюнча маалыматтарына кошумча баа берилген. Баа берүү "Жерүй" алтын кенин иштетүү максатында кендерди пайдалануу укугуна каражаттарды жана Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун уставдык капиталына төлөмдөрдү да камтыйт. Алтын кенди иштетүү укугунун баасы жана уставдык капиталга төлөмдөр Төлөм теңдемин түзүү боюнча колдономого ылайык өздүк капиталга салымдар болуп саналат жана резидент эместин тике инвестициялары катары чагылдырылат.

Отчеттук мезгил ичинде кредиттердин таза агылып кирүүсү оң сальдодо түптөлүп, 422,1 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2014-жылдын көрсөткүчүнөн 39,6 пайызга аз.

Мамлекеттик сектордун кредиттеринин дүң агылып кирүүсү 33,3 пайызга төмөндөп, 331,9 млн АКШ долларын түзгөн. Мурда алынган кредиттерге тиешелүү карыздын негизги суммасы боюнча расмий сектордун төлөөлөрү 71,3 млн АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн. Натыйжада, мамлекеттик сектор тарабынан алынган кредиттик каражаттардын таза көлөмү 260,5 млн АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде мурда алынган кредиттерди тейлөө боюнча жеке сектордун төлөө көлөмү 17,9 пайызга азайган, кредиттик каражаттардын агымы 25,9 пайызга азаюу менен 453,6 млн АКШ долларын түзгөн. Жыйынтыгында, жеке секторго кредиттердин таза агылып кирүүсү 2014-жылдын ушул эле мезгилинин деңгээлине карата 37,0 пайызга төмөндөө менен 161,6 млн АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде ишканалар-резиденттердин кредитордук карызынын көлөмү 22,0 млн АКШ долларына кыскарган. Бүтүндөй алганда, 2015-жылдын декабрь айынын акырына карата кредитордук карыздын жалпы көлөмүндө басымдуу салыштырма салмакты пайдалуу кендерди казып алуу чөйрөсүндө алектенген ишканалар, иштетүү өнөр жай ишканалары жана чекене жана дүң соода чөйрөсүндө алектенген уюмдар ээлейт.

Отчеттук мезгил ичинде резиденттердин активдери 392,6 млн АКШ долларына көбөйгөн, бул 2014-жылдын көрсөткүчүнөн 16,9 пайызга аз. Активдердин динамикасы дебитордук карыздын кыскарышы, ошондой эле резиденттердин чет өлкө банктарындагы эсептериндеги активдеринин көбөйүшү менен шартталган. 2015-жылдын акырына карата абал боюнча дебитордук карыздын чогуу алгандагы дүң көлөмүнүн 75,0 пайызынан көбүрөөгү иштетүү өнөр жай; электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыз кылуу ишканаларына; кесиптик, илимий жана техникалык иш чөйрөсүндө алектенген мекемелерге, ошондой эле маалымат жана байланышуу секторуна туура келген.

Резиденттердин инвестицияларынын чет өлкө баалуу кагаздарына көбөйүшүнүн натыйжасында, **портфелдик инвестициялардын** терс балансы 128,0 млн АКШ долларын түзгөн. Негизинен, финансылык каражаттардын агылып чыгуусу облигацияларды жана башка карыздык баалуу кагаздарды сатып алууга шартталган.

Ошентип, 2015-жыл жыйынтыгы боюнча **төлөм теңдеминин жалпы сальдосу** 41,4 млн АКШ доллар өлчөмүндө терс түптөлгөн.

Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен **"Каталар жана калтырып кетүүлөр"** статьясынын балансы 106,5 млн АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул өлкөгө капиталдын агылып кирүүсүнө байланыштуу операциялар же товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспорту толук көлөмдө статистикалык эсепке алынбагандыгын тастыктап турат.

Эл аралык камдык активдер көлөмү[13] 2015-жылдын 31-декабрына карата 1 467,9 млн АКШ долларын түзгөн, бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги импортунун 3,8 айын жабат.

[13] Эл аралык валюта фондусунун методологиясына ылайык, эл аралык камдык активдерге конвертацияланган валюталарда гана (АКШ доллары, евро, фунт стерлинг, япон йенасы, швейцария франкы, австралия доллары жана канада доллары) активдер киргизилет.

МАЗМУНУ

## 15-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык түрдө берүү)

*(млн АКШ долларында)*

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **-479,3** | **-1020,4** | **-1016,1** | **-1270,2** | **-739,2** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -1658,9 | -2912,6 | -2831,1 | -3138,0 | -2097,7 |
| Соода балансы* | -1555,2 | -2576,8 | -2780,4 | -2807,5 | -1984,0 |
| Экспорт (ФОБ) | 2380,7 | 2588,3 | 2833,2 | 2482,7 | 1812,4 |
| КМШ | 1133,3 | 1760,0 | 1810,7 | 1480,6 | 907,2 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1247,4 | 828,3 | 1022,4 | 1002,1 | 905,2 |
| Импорт (ФОБ) | 3935,9 | 5165,1 | 5613,6 | 5290,2 | 3796,4 |
| КМШ | 2018,3 | 2689,4 | 2787,1 | 2580,4 | 2040,2 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1917,7 | 2475,7 | 2826,5 | 2709,8 | 1756,2 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -103,6 | -335,8 | -50,7 | -330,5 | -113,7 |
| Көрсөтүлгөн кызматтар | 860,2 | 987,4 | 1058,6 | 900,5 | 843,4 |
| Алынган кызматтар | -963,9 | -1323,1 | -1109,2 | -1231,1 | -957,1 |
| Кирешелер | -659,1 | -169,3 | -423,0 | -307,9 | -274,2 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -610,7 | -110,8 | -348,1 | -223,2 | -206,0 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 0,1 | — | — | — | 0,9 |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -19,2 | -29,7 | -53,0 | -60,6 | -49,9 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -39,7 | -46,8 | -70,0 | -78,6 | -67,2 |
| Башка инвестициялар боюнча башка кирешелер | 20,4 | 17,1 | 16,9 | 18,0 | 17,4 |
| Эмгекке төлөөлөр | -29,4 | -28,8 | -21,8 | -24,0 | -19,2 |
| Күндөлүк трансферттер | 1838,7 | 2061,5 | 2238,0 | 2175,8 | 1632,8 |
| **Капитал менен операциялар жана финансы операциялар эсеби** | **1040,2** | **872,2** | **986,3** | **616,9** | **591,3** |
| Капитал менен операциялар эсеби | 64,1 | 166,1 | 280,3 | 65,8 | 79,1 |
| Капиталдык трансферттер | 64,1 | 166,1 | 280,3 | 65,8 | 79,1 |
| Финансылык эсеп | 976,1 | 706,1 | 706,0 | 551,1 | 512,2 |
| Тике инвестициялар** | 693,5 | 292,9 | 626,1 | 232,9 | 621,9 |
| Портфелдик инвестициялар | -0,3 | 5,7 | 4,8 | 0,1 | -128,0 |
| Финансылык деривативдер | — | -0,4 | -0,1 | -0,5 | 5,3 |
| Башка инвестициялар | 283,0 | 407,9 | 75,2 | 318,7 | 12,9 |
| Активдер ("-" көбөйүү) | -231,3 | 98,7 | -250,7 | -472,5 | -392,6 |
| Коммерциялык банктар | -19,1 | -8,2 | -81,5 | -21,7 | -157,1 |
| Жана башка активдер | -212,2 | 106,9 | -169,2 | -450,8 | -235,5 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 514,3 | 309,2 | 325,9 | 791,2 | 405,5 |
| Коммерциялык банктар | 7,3 | 8,6 | 24,7 | 21,1 | 5,3 |
| Кредиттер | 390,9 | 353,5 | 191,6 | 699,1 | 422,1 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 201,5 | 285,4 | 177,8 | 442,6 | 260,5 |
| Алынганы | 243,6 | 377,4 | 413,2 | 497,6 | 331,9 |
| Амортизация (график) | -42,2 | -92,0 | -235,4 | -55,1 | -71,3 |
| Жеке секторго кредиттер | 189,4 | 68,1 | 13,8 | 256,5 | 161,6 |
| Алынганы | 377,6 | 335,6 | 441,0 | 612,2 | 453,6 |
| Амортизация (график) | -188,2 | -267,5 | -427,2 | -355,7 | -292,0 |
| Жана башка милдеттенмелер | 116,1 | -53,0 | 109,6 | 71,0 | -22,0 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **-434,7** | **332,5** | **131,0** | **400,6** | **106,5** |
| **Жалпы баланс** | **126,2** | **184,3** | **101,2** | **-252,7** | **-41,4** |
| **Каржылоо** | **-126,2** | **-184,3** | **-101,2** | **252,7** | **41,4** |
| Улуттук банктын камдары | -102,9 | -166,2 | -90,5 | 256,5 | 56,4 |
| ЭВФтин кредиттери | -24,2 | -20,6 | -17,4 | -5,4 | -15,4 |
| Өзгөчө каржылоо | 1,4 | 3,0 | 6,8 | 1,6 | 0,5 |
| Жана башка каржылоо | -0,6 | -0,6 | — | — | — |

* УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен

** Алдын ала алынган маалыматтар

МАЗМУНУ

| 2014 | | | | 2015 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **I** | **II** | **III** | **IV** | **I** | **II** | **III** | **IV** | |
| **-278,3** | **-110,4** | **-333,8** | **-547,6** | **-309,2** | **-212,2** | **-147,5** | **-70,4** | **Күндөлүк операциялар эсеби** |
| -565,6 | -673,5 | -954,3 | -944,6 | -440,8 | -639,0 | -534,8 | -483,1 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -495,9 | -619,2 | -863,1 | -829,3 | -345,1 | -584,6 | -604,5 | -449,9 | Соода балансы* |
| 521,7 | 577,7 | 611,5 | 771,8 | 503,4 | 419,3 | 412,7 | 477,0 | Экспорт (ФОБ) |
| 296,9 | 377,8 | 435,6 | 370,3 | 205,8 | 215,1 | 260,6 | 225,7 | КМШ |
| 224,9 | 199,9 | 175,8 | 401,5 | 297,6 | 204,2 | 152,1 | 251,3 | Алыскы чет өлкөлөр |
| 1017,6 | 1197,0 | 1474,6 | 1601,0 | 848,5 | 1003,9 | 1017,2 | 926,8 | Импорт (ФОБ) |
| 506,7 | 586,1 | 767,0 | 720,7 | 500,7 | 551,6 | 558,1 | 429,7 | КМШ |
| 511,0 | 610,9 | 707,6 | 880,3 | 347,8 | 452,2 | 459,1 | 497,1 | Алыскы чет өлкөлөр |
| -69,7 | -54,2 | -91,2 | -115,4 | -95,8 | -54,4 | 69,7 | -33,2 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 189,5 | 226,8 | 287,7 | 196,6 | 143,5 | 181,3 | 297,2 | 221,5 | Көрсөтүлгөн кызматтар |
| -259,2 | -281,0 | -378,9 | -312,0 | -239,3 | -235,6 | -227,5 | -254,7 | Алынган кызматтар |
| -105,6 | -13,3 | -74,9 | -114,1 | -99,9 | -74,7 | -77,4 | -22,2 | Кирешелер |
| -83,3 | -4,9 | -46,1 | -89,0 | -77,5 | -59,0 | -57,3 | -12,2 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| — | — | — | — | — | — | 0,9 | — | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -16,4 | -3,2 | -22,8 | -18,2 | -17,5 | -10,8 | -16,5 | -5,1 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -19,8 | -11,1 | -24,2 | -23,5 | -20,3 | -18,8 | -19,3 | -8,9 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| 3,4 | 7,9 | 1,4 | 5,3 | 2,8 | 8,0 | 2,8 | 3,8 | Башка инвестициялар боюнча башка кирешелер |
| -5,8 | -5,2 | -6,0 | -6,9 | -4,9 | -4,8 | -4,5 | -5,0 | Эмгекке төлөөлөр |
| 392,9 | 576,4 | 695,4 | 511,1 | 231,6 | 501,5 | 464,8 | 434,9 | Күндөлүк трансферттер |
| **44,4** | **162,1** | **150,4** | **260,0** | **-99,1** | **139,8** | **130,5** | **420,1** | **Капитал менен операциялар жана финансы операциялар эсеби** |
| 13,8 | 10,6 | 12,4 | 28,9 | 9,6 | 16,9 | 32,4 | 20,2 | Капитал менен операциялар эсеби |
| 13,8 | 10,6 | 12,4 | 28,9 | 9,6 | 16,9 | 32,4 | 20,2 | Капиталдык трансферттер |
| 30,6 | 151,5 | 137,9 | 231,1 | -108,7 | 122,9 | 98,1 | 399,9 | Финансылык эсеп |
| -67,3 | -50,9 | 154,3 | 196,8 | -35,4 | 235,0 | 189,4 | 233,0 | Тике инвестициялар** |
| — | — | — | — | 1,1 | -0,4 | -129,7 | 1,1 | Портфелдик инвестициялар |
| 0,1 | -0,2 | — | -0,4 | 1,5 | 0,9 | 0,5 | 2,4 | Финансылык деривативдер |
| 97,8 | 202,6 | -16,4 | 34,6 | -75,9 | -112,6 | 38,0 | 163,4 | Башка инвестициялар |
| -17,6 | -41,7 | -293,2 | -120,0 | -95,7 | -54,5 | -63,1 | -179,3 | Активдер ("-" көбөйүү) |
| 4,2 | 21,9 | -22,8 | -25,0 | -48,2 | 6,9 | -78,4 | -37,4 | Коммерциялык банктар |
| -21,8 | -63,6 | -270,5 | -95,0 | -47,5 | -61,4 | 15,4 | -141,9 | Жана башка активдер |
| 115,4 | 244,3 | 276,8 | 154,6 | 19,9 | -58,1 | 101,0 | 342,7 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| 2,5 | 17,8 | 3,0 | -2,3 | 21,2 | 1,9 | -6,5 | -11,3 | Коммерциялык банктар |
| 102,4 | 205,5 | 265,2 | 126,0 | -31,6 | -15,1 | 197,1 | 271,8 | Кредиттер |
| 77,1 | 159,4 | 119,2 | 86,8 | -4,0 | 28,9 | 15,5 | 220,0 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 87,7 | 175,8 | 130,2 | 104,0 | 12,7 | 47,5 | 34,5 | 237,2 | Алынганы |
| -10,6 | -16,3 | -11,0 | -17,2 | -16,7 | -18,5 | -19,0 | -17,1 | Амортизация (график) |
| 25,2 | 46,1 | 145,9 | 39,3 | -27,7 | -44,0 | 181,6 | 51,7 | Жеке секторго кредиттер |
| 92,6 | 136,1 | 221,7 | 161,8 | 41,5 | 56,9 | 275,4 | 79,9 | Алынганы |
| -67,4 | -90,0 | -75,7 | -122,6 | -69,1 | -100,9 | -93,8 | -28,2 | Амортизация (график) |
| 10,6 | 21,0 | 8,7 | 30,8 | 30,3 | -44,9 | -89,6 | 82,2 | Жана башка милдеттенмелер |
| **105,5** | **-19,8** | **118,8** | **196,0** | **261,2** | **264,0** | **-114,1** | **-304,7** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **-128,3** | **31,9** | **-64,6** | **-91,6** | **-147,1** | **191,7** | **-131,1** | **45,1** | **Жалпы баланс** |
| **128,3** | **-31,9** | **64,6** | **91,6** | **147,1** | **-191,7** | **131,1** | **-45,1** | **Каржылоо** |
| 132,4 | -26,7 | 52,1 | 98,7 | 148,5 | -184,8 | 131,0 | -38,3 | Улуттук банктын камдары |
| -4,6 | -5,1 | 11,6 | -7,3 | -1,5 | -7,0 | — | -6,9 | ЭВФтин кредиттери |
| 0,5 | — | 0,9 | 0,2 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Жана башка каржылоо |

**Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун 6-басылышына жана эл аралык инвестициялык позицияга ылайык Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин таблицасы**

Учурда Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасы Эл аралык валюта фондусунун төлөм теңдеми боюнча колдонмонун талаптарына ылайык, Улуттук банк тарабынан түзүлүүдө, 5-басылышы (ЭВФ 1993-жыл). Муну менен бирге эле, жаңы эл аралык стандарттарга ылайык келишин камсыз кылуу максатында, Улуттук банк тарабынан тышкы сектордун статистикасын ЭВФтин жаңы методологиясы – Төлөм теңдеми боюнча колдонмо, 6-чыгарылышы боюнча түзүүгө өтүү боюнча иштер өткөрүлүүдө.

Бул кыстырмада пайдалануучулардын назарына Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун 6-басылышынын методологиясынын негизинде түзүлгөн Кыргыз Республикасынын 2015-жыл үчүн төлөм теңдеминин аналитикалык формасынын алдын ала версиясы берилген.

Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун 6-басылышы 5-чыгарылыштын методологиясы менен улантуучулукту сактап жаткандыгын эске алуу менен 5-чыгарылыштагы методологияга негизделген төлөм теңдеминин статистикасынын маалыматтары бүтүндөй алганда жаңы методология боюнча түзүлгөн маалыматтарга салыштырууга болот. Мында, Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун 6-басылышына ылайык төлөм теңдеминин айрым статьяларынын ортосунда алмаштыруу жүргөндүгүнө байланыштуу, төлөм теңдеминин эсептеринин маанилери өзгөргөн.

Төлөм теңдеминин алдын ала версиясын даярдоодо буга чейин кредиттик (плюс) жана дебеттик (минус) жазууларын колдонууга негизделген төлөм теңдеминин статистикасын берүү формасы өзгөртүлгөн. Күндөлүк операциялар жана капитал менен операциялар эсебинде кредит жана дебет боюнча операциялар "плюс" белгиси менен катталат. Мында, тиешелүү статьялардын (товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, баштапкы кирешелердин, экинчи кирешелердин) сальдосу кредит менен дебеттин ортосундагы айырма катары аныкталат.

Финансылык эсепте "активдердин" жана "милдеттенмелердин" ордуна "финансылык активдерди таза сатып алуу" жана "милдеттенмелерди таза кабыл алуу" аталыштары колдонулат. Активдерди таза сатып алуу активдердин азайышын эске албаганда, активдердин көбөйүшүнө барабар. Милдеттенмелерди таза кабыл алуу милдеттенмелердин азайышын эске албаганда, милдеттенмелердин көбөйүшүнө барабар. Плюс белгиси менен өзгөрүүсү активдердин же милдеттенмелердин көбөйүшүн, ал эми минус белгиси менен өзгөрүүсү – активдердин же милдеттенмелердин азайышын көрсөтүп турат. Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун 5-чыгарылышына ылайык активдердин көбөйүүсү "минус" белгиси, активдердин азайышы – "плюс" белгиси менен катталган.

Статистикалык айырмачылыктар ("Каталар жана калтырып кетүүлөр" статьясы) төлөм теңдеминде катталган операцияларды кошуунун натыйжасынан келип чыккан оң же терс сальдону теңдеп турган калдык өлчөм катары саналат. Статистикалык айырмачылыктардын алгылыктуу өлчөмү статистика менен эсепке алынбаган өлкөгө капиталдын агылып чыгуусун же товарлардын эсепке алынбаган импортун көрсөтүп турат. Терс өлчөм статистика менен эсепке алынбаган өлкөдөн капиталдын агылып чыгуусун же товарлардын эсепке алынбаган импортун көрсөтүп турат.

Төлөм теңдеминин маалыматтарын, ошондой эле эл аралык инвестициялык позицияны толук түзүү Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун 6-басылышынын методологиясына ылайык 2016-2017-жылдарда ишке ашыруу пландаштырылууда.

МАЗМУНУ

## Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми: аналитикалык берилиши

*(млн АКШ доллары)*

| | 2015 | I | II | III | IV |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **-737,7** | **-309,4** | **-204,7** | **-149,8** | **-73,8** |
| Соода балансы* | -1968,3 | -333,3 | -576,4 | -606,1 | -452,6 |
| Экспорт | 1752,5 | 497,2 | 406,6 | 406,8 | 441,9 |
| Импорт | 3720,9 | 830,5 | 983,0 | 1012,9 | 894,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -128,0 | -107,8 | -55,1 | 68,9 | -34,0 |
| Экспорт | 843,8 | 143,5 | 181,4 | 297,3 | 221,6 |
| Импорт | 971,7 | 251,3 | 236,5 | 228,3 | 255,6 |
| Баштапкы кирешелер балансы | -274,2 | -99,9 | -74,7 | -77,4 | -22,2 |
| Эмгекке төлөөлөр (нетто) | -19,2 | -4,9 | -4,8 | -4,5 | -5,0 |
| Инвестициялык кирешелери | -255,0 | -95,0 | -69,8 | -72,9 | -17,2 |
| Алууга кирешелер | 28,4 | 4,7 | 10,2 | 6,3 | 7,2 |
| Төлөөгө кирешелер | 283,4 | 99,7 | 80,0 | 79,3 | 24,4 |
| Экинчи кирешелердин балансы | 1632,8 | 231,6 | 501,5 | 464,8 | 434,9 |
| Алууга | 1981,5 | 318,5 | 593,7 | 554,6 | 514,7 |
| Төлөөгө | 348,7 | 86,9 | 92,3 | 89,8 | 79,7 |
| **Капитал менен операциялар эсебинин балансы** | **79,1** | **9,6** | **16,9** | **32,4** | **20,2** |
| Алууга | 97,5 | 13,8 | 21,5 | 38,0 | 24,3 |
| Төлөөгө | 18,4 | 4,2 | 4,5 | 5,6 | 4,1 |
| **"Камдык активдерден тышкары, финансылык эсептин сальдосу (таза кредиттөө (+) / таза карыз алуу (-))"** | **-497,6** | **110,1** | **-116,1** | **-98,3** | **-393,3** |
| Тике инвестициялар** | -621,9 | 35,4 | -235,0 | -189,4 | -233,0 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу («+» – өсүш, «-» – төмөндөө) | 129,6 | 83,8 | 48,5 | -1,7 | -1,1 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу («+» – өсүш, «-» – төмөндөө) | 751,5 | 48,4 | 283,5 | 187,7 | 231,9 |
| Портфелдик инвестициялар | 128,0 | -1,1 | 0,4 | 129,7 | -1,1 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу («+» – өсүш, «-» – төмөндөө) | 130,0 | 0,0 | 0,0 | 130,0 | 0,0 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу («+» – өсүш, «-» – төмөндөө) | 2,0 | 1,1 | -0,4 | 0,3 | 1,1 |
| Туунду финансылык инструменттер (нетто) | -5,3 | -1,5 | -0,9 | -0,5 | -2,4 |
| Башка инвестициялар | 1,6 | 77,3 | 119,4 | -38,2 | -156,8 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу («+» – өсүш, «-» – төмөндөө) | 392,6 | 95,7 | 54,5 | 63,1 | 179,3 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу («+» – өсүш, «-» – төмөндөө) | 390,9 | 18,4 | -64,9 | 101,3 | 336,1 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **104,6** | **261,5** | **256,4** | **-111,9** | **-301,3** |
| **Камдык активдердин өзгөрүүсү («+» – өсүш, «-» – төмөндөө)** | **-56,4** | **-148,5** | **184,8** | **-131,0** | **38,3** |

* Евразия экономикалык бирлигине кирген өлкөлөр менен өз ара соода жүргүзүү боюнча УСК тарабынан жеке адамдарга жүргүзүлгөн тандап изилдөөнүн (2015-жылдын 3-чейрегинен тартып) жыйынтыгы жана Улуттук банктын эсептөөлөрүнө ылайык, айлар боюнча бөлүштүрүлгөн УСКнын айыл чарба продукцияларына тиешелүү кошумча баа берүүлөрдү, ошондой эле Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен

** Улуттук банктын 2014-2015-жыл үчүн баа берүүлөрүн эске алуу менен

МАЗМУНУ

## РЕАЛДУУ ЭФФЕКТИВДҮҮ АЛМАШУУ КУРСУ

Сомдун номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси 2015-жылдын баш жагынан тартып 4,7 пайызга азайып, отчеттук жылдын акырына карата 101,4 түзгөн. Төмөндөө, 2015-жылдын акырында 2014-жылдын акырына карата орточо курска салыштырганда сомдун АКШ долларына карата 23,4 пайызга, еврого карата 12,8 пайызга, кытай юанына карата 20,8 пайызга жана орус рублине карата – 2,7 пайызга нарксызданышына[14] шартталган. Ушуну менен бирге эле, сомдун казак теңгесине карата 34,3 пайызга бекемделиши байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасында орун алган инфляция 3,3 пайызды түзгөн, ошол эле учурда соода боюнча негизги өнөктөш-өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли 9,3 пайыз өлчөмдө түптөлгөн. Соода боюнча негизги өнөктөш-өлкөлөрдө орун алган кыйла жогорку деңгээлдеги инфляция менен бирге эле, сомдун номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин төмөндөшү реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун төмөндөөсүн шарттаган, ал 2014-жылдын декабрь айынан тартып 9,9 пайызга төмөндөп, 2015-жылдын акырына карата 108,4 түзгөн.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ КАРЫЗЫ

Номиналдуу тышкы карыздын[15] жалпы көлөмү (алынган жана төлөнбөгөн) 2015-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 6 511,0 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 2,2 пайызга жогору. Карыздын көрсөтүлгөн көлөмү мамлекеттик жана жеке сектордун карызы менен берилген:

**7-график. Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы карызынын бир мезгилдин акырына карата абал боюнча түзүмү***

*(млн АКШ долларында жана жалпы тышкы карыздардан, пайыздарда)*




* Улуттук банктын маалыматтары боюнча

- мамлекеттик тышкы карыз 3 601,1 млн АКШ долларын түзгөн, бул жалпы тышкы карыздын 55,3 пайызын түзөт. Мамлекеттик тышкы карыздын түзүмү расмий кредиторлор – ар тараптуу жана эки тараптуу донорлор алдындагы милдеттенмелер катары берилген;
- мамлекет тарабынан гарантияланбаган жеке сектордун карызы[16] 2 909,9 млн АКШ долларын (чогуу алгандагы карыздын 44,7 пайызын) түзгөн.

2015-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын тышкы карызы төмөнкү негизги карыздык көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт:

- ИДӨгө[17] карата номиналдуу жалпы тышкы карыз – 116,7 пайыз;
- товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата номиналдуу жалпы тышкы карыз – 245,2 пайыз.

[14] Сомдун номиналдуу эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, индексти эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2010-жыл колдонулат.

[15] Сунушталган кредиттер боюнча расмий кредиторлор алдындагы мамлекеттик жана жеке секторлордун милдеттенмелери.

[16] УСКнын маалыматтары боюнча.

[17] Көрсөткүчтү эсептөө үчүн Улуттук банктын 2015-жылдын 31-декабрына карата курсу боюнча АКШ долларына эсептелинген сомдогу ИДӨнүн жылдык мааниси колдонулган.

## МАМЛЕКЕТТИК ТЫШКЫ КАРЫЗ

**8-график. Кыргыз Республикасынын кредиторлорунун мамлекеттик ар тараптуу карызынын бир мезгилдин акырына карата абал боюнча түзүмү***

*(млн АКШ долларында жана жалпы тышкы карыздардан, пайыздарда)*




* Улуттук банктын маалыматтары боюнча

**9-график. Кыргыз Республикасынын кредиторлорунун мамлекеттик эки тараптуу карызынын бир мезгилдин акырына карата абал боюнча түзүмү***

*(млн АКШ долларында жана жалпы тышкы карыздардан, пайыздарда)*




* Улуттук банктын маалыматтары боюнча

2015-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын көлөмү 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 4,8 пайызга көбөйүп, 3 601,1 млн АКШ долларын түзгөн.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын түзүмү 2015-жылдын акырына карата абал боюнча мамлекеттик тышкы карыздын жалпы көлөмүнүн тиешелүүлүгүнө жараша 42,5 жана 57,5 пайызын ээлеген ар тараптуу жана көп тараптуу кредиторлор алдындагы карызы берилген.

2015-жыл жыйынтыгы боюнча ар тараптуу кредиторлор алдындагы мамлекеттик тышкы карызынын номиналдуу көлөмү 1,8 пайызга кыскарып, 1 531,3 млн АКШ доллар көлөмүндө түптөлгөн. Дүйнөлүк банк, Азия өнүктүрүү банкы, Эл аралык валюта фонду, Ислам өнүктүрүү банкы, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы сыяктуу эл аралык финансы институттары Кыргыз Республикасынын ар тараптуу кредиторлорунан болуп саналат. Мында, акыркы беш жыл ичинде кредиторлор боюнча ар тараптуу карыздын түзүмү дээрлик өзгөргөн эмес: ар тараптуу кредиттер боюнча карыздын жалпы көлөмүнүн 90,0 пайызынан көбүрөөгү Дүйнөлүк банк, Азия өнүктүрүү банкы жана Эл аралык валюта фонду алдындагы милдеттенмелерине туура келет.

Эки тараптуу кредиторлор алдындагы тышкы карызынын номиналдуу көлөмү 2015-жылы 10,2 пайызга көбөйүп, 2 069,7 млн АКШ долларын түзгөн.

Кытай, Россия жана Япония Кыргыз Республикасынын негизги эки тараптуу кредиторлорунан болуп саналат (чогуу алганда эки тараптуу карыздын көлөмү 88,2 пайыз). Ар тараптуу жана эки тараптуу донорлордон келип түшкөн кредиттер, негизинен инфраструктуралык долбоорлорду каржылоого, энергетиканы, финансы системасын, айыл чарбаны өнүктүрүүгө жана түзүмдүк өзгөртүүлөрдү ишке ашырууга багытталган.

МАЗМУНУ

Мамлекеттик карыздын түзүмү финансылык шарттарга ылайык жеңилдетилген насыялар менен (төмөнкү пайыздык чендер жана төлөөнүн узак мөөнөтү)[18] берилген, алардын көлөмү жалпы көлөмдүн 98,6 пайызын түзөт.

2015-жылдын акырына карата абал боюнча мамлекеттик тышкы карыз төмөнкү негизги карыздык көрсөткүчтөрдү мүнөздөйт:

- ИДӨгө карата номиналдык мамлекеттик тышкы карыз – 64,5 пайыз;
- товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата номиналдык мамлекеттик тышкы карыз – 142,9 пайыз.

## ЖЕКЕ ТЫШКЫ КАРЫЗ[19]

2015-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча мамлекет тарабынан гарантияланбаган жеке тышкы карыздын көлөмү 2014-жылдын акырына карата ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 0,8 пайызга азаюу менен 2 909,9 млн АКШ долларын түзгөн. 2015-жылдын акырына карата абал боюнча жеке тышкы карыздын көрсөткүчтөрү төмөнкүчө болгон:

- ИДӨгө карата номиналдуу жеке тышкы карыз – 52,1 пайыз;
- товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата номиналдуу жеке тышкы карыз – 109,6 пайыз.

Жеке тышкы карыздын түзүмү тике жана башка чет өлкө инвесторлорунан алынган кредиттер менен берилген, алардын көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша 1 120,9 жана 1 789,0 млн АКШ долларын түзгөн.

Кытай (940,5 млн АКШ доллары), Улуу Британия (315,5 млн АКШ доллары), Казакстан (270,3 млн АКШ доллары), Россия (243,9 млн АКШ доллары) жеке сектордун ири кредиторлорунан болгон.

Жеке секторго тышкы кредиттердин дүң агылып кирүүсү 642,5 млн АКШ долларын түзгөн, негизги карызды тейлөө боюнча төлөмдөр көлөмү 617,4 млн АКШ доллар деңгээлинде түптөлгөн.

МАЗМУНУ

**10-график. Жеке тышкы карыздын өлкөлөр боюнча бөлүштүрүлүшү, 2015-жылдын 31-декабрына карата***

*(жалпы жеке тышкы карыздардан, пайыздарда)*




* УСКнын маалыматтарынын негизинде

[18] Кыргыз Республикасы үчүн насыялардын жеңилдетилиши кредит берүү мөөнөтүнө, колдонулган пайыздык ченге жараша болот жана грант-элемент эсептөөсүнөн улам аныкталат, ал кеминде 35,0 пайызды түзүүгө тийиш.

[19] Жеке тышкы карыз  бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн гарантиясына алынбаган кредиттер жана насыялар түрүндөгү жеке сектордун (коммерциялык банктар, банктык эмес финансы-кредит мекемелери жана ишканалар) карызы. Резидент эместердин алдындагы пайыздары же пайызы жок карыздын негизги суммасын төлөө боюнча аталган өлкөнүн резиденттеринин иш жүзүндө кабыл алынган жана орду жабылбаган карыздык милдеттенмелердин суммасын (кайсы болбосун азыркы учурга карата) түшүндүрөт.

## 16-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрү боюнча түзүмү

*(бир мезгилдин акырына карата абал боюнча)*

| | 2011 | | 2012 | | 2013 | | 2014 | | 2015 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млн АКШ долл.* | *жыйынтыгында пайыз-да* | *млн АКШ долл.* | *жыйынтыгында пайыз-да* | *млн АКШ долл.* | *жыйынтыгында пайыз-да* | *млн АКШ долл.* | *жыйынтыгында пайыз-да* | *млн АКШ долл.* | *жыйынтыгында пайыз-да* |
| **Жалпы тышкы карыз (I+II)** | **4 730,7** | **100,0** | **5 229,4** | **100,0** | **5 929,6** | **100,0** | **6 370,5** | **100,0** | **6 511,0** | **100,0** |
| **I. Мамлекеттик ж-а мамлекет тарабынан гарантияланган карыз** | **2 802,6** | **59,2** | **3 031,9** | **58,0** | **3 158,7** | **53,3** | **3 437,1** | **54,0** | **3 601,1** | **55,3** |
| **I.1 Көп тараптуу карыз**[1] | 1 519,9 | 32,1 | 1 567,5 | 30,0 | 1 629,8 | 27,5 | 1 558,9 | 24,5 | 1 531,3 | 23,5 |
| ЭВФ | 181,8 | 3,8 | 190,5 | 3,6 | 202,7 | 3,4 | 185,2 | 2,9 | 188,2 | 2,9 |
| Дүйнөлүк банк | 660,5 | 14,0 | 674,8 | 12,9 | 697,1 | 11,8 | 671,5 | 10,5 | 639,3 | 9,8 |
| Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы | 16,0 | 0,3 | 29,6 | 0,6 | 40,0 | 0,7 | 40,6 | 0,6 | 41,0 | 0,6 |
| Евразия өнүктүрүү банкы | — | — | — | — | — | — | 0,4 | — | 3,5 | 0,1 |
| Европа бирлиги | — | — | — | — | — | — | — | — | 5,4 | 0,1 |
| Азия өнүктүрүү банкы | 583,4 | 12,3 | 594,6 | 11,4 | 607,1 | 10,2 | 583,6 | 9,2 | 575,4 | 8,8 |
| Ислам өнүктүрүү банкы | 61,1 | 1,3 | 61,7 | 1,2 | 64,0 | 1,1 | 59,0 | 0,9 | 59,5 | 0,9 |
| Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн эл аралык фондусу | 9,2 | 0,2 | 8,9 | 0,2 | 9,0 | 0,2 | 9,4 | 0,1 | 9,9 | 0,2 |
| ОПЕК | 2,0 | — | 1,3 | — | 3,9 | 0,1 | 4,0 | 0,1 | 4,5 | 0,1 |
| Түндүк өнүктүрүү фонду | 6,0 | 0,1 | 5,9 | 0,1 | 6,1 | 0,1 | 5,2 | 0,1 | 4,6 | 0,1 |
| **I.2 Эки тараптуу карыз** | 1 282,7 | 27,1 | 1 464,4 | 28,0 | 1 528,9 | 25,8 | 1 878,2 | 29,5 | 2 069,7 | 31,8 |
| **I.2.1 КМШ өлкөлөрү** | 490,5 | 10,4 | 489,0 | 9,4 | 300,0 | 5,1 | 300,0 | 4,7 | 300,0 | 4,6 |
| Россия[2] | 490,3 | — | 488,9 | 9,3 | 300,0 | 5,1 | 300,0 | 4,7 | 300,0 | 4,6 |
| **I.2.2 Башка өлкөлөр** | 792,3 | 16,7 | 975,4 | 18,7 | 1 228,9 | 20,7 | 1 578,2 | 24,8 | 1 769,7 | 27,2 |
| Түркия | 49,2 | 1,0 | 10,0 | 0,2 | 70,5 | 1,2 | 90,0 | 1,4 | 97,0 | 1,5 |
| Япония[2] | 357,4 | 7,6 | 320,6 | 6,1 | 263,1 | 4,4 | 229,4 | 3,6 | 229,0 | 3,5 |
| Германия[2] | 75,8 | 1,6 | 81,3 | 1,6 | 98,4 | 1,7 | 102,4 | 1,6 | 100,1 | 1,5 |
| Кытай | 272,6 | 5,8 | 527,5 | 10,1 | 758,4 | 12,8 | 1 115,9 | 17,5 | 1 296,4 | 19,9 |
| Франция[2] | 5,8 | 0,1 | 5,9 | 0,1 | 6,1 | 0,1 | 5,4 | 0,1 | 4,8 | 0,1 |
| Кувейт | 13,3 | 0,3 | 10,7 | 0,2 | 9,3 | 0,2 | 8,6 | 0,1 | 9,7 | 0,1 |
| Корея | 14,8 | 0,3 | 15,9 | 0,3 | 17,4 | 0,3 | 16,7 | 0,3 | 15,6 | 0,2 |
| Дания[2] | 3,3 | 0,1 | 3,3 | 0,1 | 3,3 | 0,1 | 3,3 | 0,1 | 3,2 | — |
| Сауд Аравиясы | — | — | 0,2 | — | 1,3 | — | 3,9 | 0,1 | 7,4 | 0,1 |
| БАЭ | — | — | — | — | 1,1 | — | 2,6 | — | 6,4 | 0,1 |
| **I.3 Мамлекет тарабынан гарантияланган карыз** | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — |
| **II. Гарантияланбаган карыз*** | **1 928,1** | **40,8** | **2 197,5** | **42,0** | **2 770,9** | **46,7** | **2 933,4** | **46,0** | **2 909,9** | **44,7** |

[1] эл аралык финансы институттарын кошо алганда, көп тараптуу негизде иш алып баруучу кредиторлор

[2] Париж Клубуна катышуучу өлкөлөр

* Гарантияланбаган карыз Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес карызы жөнүндө” мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу” мыйзамы кабыл алынгандыгына байланыштуу 2007-2011-жылдары үчүн каралып чыккан

МАЗМУНУ

## 17-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бир мезгилдин акырына карата дүң тышкы карыз *(млн АКШ доллары)** | 5 553,9 | 5 978,2 | 6 832,6 | 7 396,7 | 7 524,4 |
| Бир мезгилдин акырына карата жалпы тышкы карыз *(млн АКШ доллары)* | 4 730,7 | 5 229,4 | 5 929,6 | 6 370,5 | 6 511,0 |
| Бир мезгилдин акырында ИДӨгө карата жалпы тышкы карыз *(пайыздар)* [1] | 80,5 | 81,0 | 83,4 | 94,4 | 116,7 |
| Бир мезгилдин акырына карата товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортуна карата жалпы тышкы карыз (*пайыздар* ) | 146,0 | 146,3 | 152,4 | 188,3 | 245,2 |
| Жалпы тышкы карыз боюнча төлөмдөр графиги (*млн АКШ доллары* )[2] | 346,6 | 605,0 | 795,9 | 911,7 | 776,3 |
| Жалпы тышкы карызды иш жүзүндө тейлөө (*млн АКШ доллары* ) | 346,4 | 602,0 | 789,8 | 910,1 | 775,8 |
| ЖТКны тейлөө коэффициенти товарлар жана кызмат көрсөтүү экспортуна карата (*пайыздар* ) | | | | | |
| - график боюнча | 10,7 | 16,9 | 20,5 | 26,9 | 29,2 |
| - иш жүзүндө | 10,7 | 16,8 | 20,3 | 26,9 | 29,2 |
| Бир мезгилдин акырына карата мамлекеттик тышкы карыз *(млн АКШ долл.)* | 2 802,6 | 3 031,9 | 3 158,7 | 3 437,1 | 3 601,1 |
| Бир мезгилдин акырында ИДӨгө карата мамлекеттик тышкы карыз *(пайыздар)* [1] | 47,7 | 47,0 | 44,4 | 50,9 | 64,5 |
| Бир мезгилдин акырында товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортуна карата мамлекеттик тышкы карыз (*пайыздар* ) | 86,5 | 84,8 | 81,2 | 101,6 | 135,6 |
| Мамлекеттик тышкы карыз боюнча төлөмдөр графиги (*млн АКШ долл.* )[2] | 97,9 | 97,9 | 100,6 | 116,7 | 130,0 |
| Мамлекеттик тышкы карызды айкын тейлөө (*млн АКШ долл.* ) | 96,5 | 94,9 | 95,1 | 115,5 | 130,0 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата мамлекеттик тышкы карыздын тейлөө коэффициенти (*пайыздар* ) | | | | | |
| - график боюнча | 3,0 | 2,7 | 2,6 | 3,5 | 4,9 |
| - иш жүзүндө тейленгени | 3,0 | 2,7 | 2,4 | 3,4 | 4,9 |
| Бир мезгилдин акырына карата жеке тышкы карыз *(млн АКШ доллары)* | 1 928,1 | 2 197,5 | 2 770,9 | 2 933,4 | 2 909,9 |
| Бир мезгилдин акырында ИДӨгө карата жеке тышкы карыз *(пайыздар)* [1] | 32,8 | 34,0 | 39,0 | 41,3 | 52,1 |
| Бир мезгилдин акырына карата товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата жеке тышкы карыз (*пайыздар* ) | 59,5 | 61,5 | 71,2 | 75,4 | 109,6 |
| Жеке ТКны иш жүзүндө тейлөө (*млн АКШ доллары* ) | 249,9 | 507,0 | 694,7 | 794,6 | 645,8 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата мамлекеттик тышкы карызды айкын тейлөөнүн коэффициенти (*пайыздар* ) | 7,7 | 14,2 | 17,9 | 23,5 | 24,3 |

[1] Көрсөткүчтөрдү эсептөөдө жылдын акырына карата курс боюнча кайра эсептелинген ИДӨнүн доллардык эквиваленти колдонулган

[2] Пайыздардын жана негизги суммалардын төлөмдөрүн камтыйт

* Дүң тышкы карыз Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес карызы жөнүндө" мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу" мыйзамы кабыл алынгандыгына байланыштуу 2007-2011-жылдары үчүн кайра каралып чыккан

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АРАЛЫК ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ПОЗИЦИЯСЫ

2015-жыл жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын таза эл аралык инвестициялык позициясы 6 574,0 млн АКШ доллар деңгээлинде терс калыптанган, бул өлкөнүн тышкы дүйнө алдында милдеттенмелеринин колдо болгон чет өлкө активдеринен артышы менен шартталат.

**11-график. Эл аралык инвестициялык позициянын динамикасы**

*(млн АКШ долларында, жылдын акырына карата)*




2015-жылдын акырына карата өлкөнүн чет өлкө активдери 4 088,4 млн АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн, бул 2014-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 6,4 пайызга жогору. Мындай тенденция, эң башкысы ишке ашырылган операциялардын натыйжасында болуп өткөн өзгөрүүлөр жана валюталык курстардын өзгөрүшү менен шартталган.

Активдер түзүмүндө "тике инвестициялар" статьясы боюнча запастардын 19,1 пайызга же 99,2 млн АКШ долларына, негизинен ишке ашырылган операциялардын эсебинен өсүшү белгиленген. Портфелдик инвестициялар түрүндөгү активдердин 130 млн АКШ долларына өсүшү да белгиленген. "Башка инвестициялар" боюнча активдердин өсүшү 146,2 млн АКШ долларын түзгөн.

"Башка инвестициялар" түзүмүндө нак акча жана депозиттер түрүндөгү активдер боюнча ишке ашырылган операциялардын эсебинен 71,0 пайызга (абсолюттук мааниде 332,0 млн АКШ долларына) өсүшү байкалган. Ошону менен бирге эле, дебитордук карыз түрүндөгү активдер боюнча 22,4 пайыз же 168,7 млн АКШ долларына кыскарышы белгиленген, ал эң башкысы, башка өзгөрүүлөрдүн эсебинен жүргөн.

Активдердин белгиленген өсүшү белгилүү бир деңгээлде Улуттук банктын камдык активдери боюнча операцияларынын эсебинен төмөндөшү менен текшиленген, алардын көлөмү 2015-жылы 10,5 пайызга кыскарган, бул валюталык курстардын өзгөрүшү жана ишке ашырылган операциялар менен шартталган.

Тышкы милдеттенмелердин көлөмү 2015-жылдын акырына карата 10 662,4 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2014-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 10,2 пайызга жогору. Өсүш, негизинен, (1 163,8 млн АКШ долларына) операциялардын натыйжаларынан келип чыккан өзгөрүүлөргө шартталган. Милдеттенмелер түзүмүндө олуттуу көбөйүү башка жана тике чет өлкө инвестициялар боюнча белгиленген.

Резидент эместер алдындагы "башка инвестициялар" боюнча милдеттенмелери 2015-жылдын акырына карата 6 280,5 млн АКШ долларына жеткен, бул 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 4,5 пайызга жогору. "Башка инвестициялар" түзүмүндө көпчүлүк өзгөрүүлөр мамлекеттик сектор тарабынан алынган кредиттер боюнча жүргөн. Алсак, отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик башкаруу секторунун кредиттер боюнча милдеттенмелери 3 562,3 млн АКШ долларына чейин көбөйгөн, бул, эң башкысы тартылган жаңы кредиттердин эсебинен жетишилген.

2015-жылы "тике инвестициялар" статьясы боюнча милдеттенмелер 18,7 пайызга көбөйүп, жылдын акырына карата 4 337,2 млн АКШ долларын түзгөн. 754,5 млн АКШ долларына өсүш, эң башкысы операциялардын эсебинен келип чыккан өзгөрүүлөр менен шартталган.

МАЗМУНУ

**18-таблица. Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин 2011-жылдан тартып 2016-жылдын 1-январына чейинки динамикасы**

*(млн АКШ долларында)*

| | *01.01.12 карата калдык* | *01.01.13 карата калдык* | *01.01.14 карата калдык* | *01.01.15 карата калдык* | *01.01.16 карата калдык* |
|---|---|---|---|---|---|
| **А. Активдер** | **4390,6** | **3851,6** | **3627,2** | **3843,6** | **4088,4** |
| Чет өлкөгө тике инвестициялар* | 1366,3 | 725,7 | 316,4 | 519,7 | 618,9 |
| Портфелдик инвестициялар | 37,1 | 31,5 | 25,1 | 25,1 | 155,1 |
| Акционердик капиталга | — | — | — | — | — |
| Карыздык баалуу кагаздар | 37,1 | 31,5 | 25,1 | 25,1 | 155,1 |
| Финансы деривативдери | — | 0,4 | 0,5 | 5,4 | 46,9 |
| Башка инвестициялар | 1171,3 | 1081,7 | 1283,2 | 1653,5 | 1799,6 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 546,9 | 375,6 | 429,5 | 467,5 | 799,5 |
| Кредиттер | 45,6 | 52,6 | 8,4 | 115,6 | 105,7 |
| Акча-кредитти жөнгө салуу органдары | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — |
**Жана башка инвестициялар** да активдер, милдеттенмелер менен операцияларга классификацияланат жана өзүнө кредиттерди, кредитордук жана дебитордук карыздарды, депозиттерди, накталай чет өлкө валютасын, улуттук валютаны жана жогоруда келтирилген категорияларга кирбеген башка активдерди жана милдеттенмелерди камтыйт. Коммерциялык банктардын чет өлкө активдери/милдеттенмелери боюнча маалыматтар Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктардын отчетторунан алынат. Өкмөт тарабынан же анын гарантиясы астында алынган чет өлкө кредиттери ошондой эле, аларды тейлөө боюнча маалыматтар Улуттук банк тарабынан Финансы министрлигинен, ишканалардан жана башкы банктын өзүнүн ички булактарынан алынат. Улуттук банк тарабынан тейленген кредиттер боюнча маалыматтар өзүнүн ички булактарынан алынат. Мамлекеттик эмес кредиттер боюнча маалыматтар Улуттук Статистика комитетинен алынат. Резидент-ишканалардын (соодалык кредиттер) кредитордук жана дебитордук карыздары тууралуу маалыматтар Улуттук банк тарабынан Улуттук Статистика комитетинен алынат, ал эми Комитет маалыматтарды ишканалардан жыйнайт. Чет мамлекеттердеги ишканалардын эсептери боюнча маалыматтарды Улуттук банк ишканалардан алат. Негизинен, Кыргызстандын эл аралык финансы институттарынын фондуларына төлөмдөрүн чагылдырган ж.б. активдер боюнча маалыматтарды Улуттук банк Финансы министрлигинен жана Улуттук банктын ички булактарынан алат. Төлөм теңдеми кошуп эсептөө (начисление) ыкмасы боюнча түзүлө тургандыгына байланыштуу, кредиттер боюнча негизги суммалар жана төлөөгө карата пайыздар төлөө мөөнөтү узартылышы мүмкүн болгон б.а., убагында төлөнбөгөн бир мезгил аралыгындагы чегерилген суммаларды чагылдырат. Кошуп эсептелинген сумма менен иш жүзүндө төлөнгөн сумманын ортосундагы айырма "жана башка инвестициялар" статьясында, мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммаларга өзгөртүүлөр катары чагылдырылат. Эгерде, мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар жаңы кредит катары кайра таризделе турган болсо, анда төлөм теңдеминде мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалардын азайышы түрүндө жана карыздарды реструктуризациялоо жаңы кредитти алуу формасында чагылдырылат.

**Камдык активдер** төлөм теңдеминин тартыштыгын каржылоо үчүн пайдаланылышы мүмкүн болгон Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын чет өлкө активдеринен турат. Төлөм теңдеминде монетардык алтын менен операцияларга (Улуттук банк менен акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча чет өлкө органдарынын ортосундагы операциялар гана), атайын карыз алышуу укугу, эркин конвертирленүүчү валюта активдери, ликвиддүү чет өлкө баалуу кагаздары ж.б. ликвиддүү чет өлкө активдери менен операцияларга байланыштуу болгон камдык активдердеги өзгөрүүлөр чагылдырылат. ЭВФтин камдык активдери жана кредиттери, ошондой эле Улуттук банктын төлөм теңдеминде чагылдырылуучу башка активдери жана милдеттенмелери боюнча маалыматтар, Улуттук банктын ички булактарынан алынган маалыматтарга негизделген. 2015-жыл үчүн төлөм теңдеминин жылдык басылмасынан тартып (2011-жылдан тартып кайра карап чыгуу), Эл аралык валюта фондусунун методологиясына ылайык Улуттук банктын эл аралык камдары боюнча маалыматтар кайра каралып чыккан, ага ылайык эл аралык камдык активдерге конвертацияланууч у валюталардагы активдер гана киргизилет. Башка валюталардагы активдер "башка инвестициялар" статьясы боюнча башка активдер катары чагылдырылат.



МАЗМУНУ

**4. Төлөм теңдемин сунуш кылуунун формалары**

Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми нейтралдуу жана аналитикалык формаларда берилет. **Нейтралдуу форма** (I тиркеме, I.1-таблица) өзүнө төлөм теңдеминин бардык статьялары эки тилкеде, өзүнчө кредит жана дебет боюнча, мында, кредит боюнча өткөрүүнүн суммасы таза каталарды жана калтырып кетүүлөрдү эске алуу менен дебет боюнча өткөрүүдөгү суммага барабар болот же сальдолонгон түрүндө чагылдырылышы менен мүнөздөлөт. Нейтралдуу формада берүүдө төлөм теңдеминин жалпы сальдосу дайыма нөлгө барабар болот.

**Аналитикалык формада** (16-таблица) бардык статьялар сальдолонгон түрүндө көрсөтүлөт. Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу конкреттүү өлкөнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталган өзүнчө бир статьянын суммасы катары түзүлөт. Бул статьялар көз карандысыз (б.а. өз максатына жооп берген) жүзөгө ашырылуучу жана андан төлөм теңдеминин жыйынтыкталган сальдосунун өлчөмү көз каранды болгон операцияларды чагылдырууга тийиш. Бул статьялар "чектен тышкары" статьялары деп аталат. "Чекке чейинки" статьяларынын калган бардык операциялары төлөм теңдеминин сальдосун каржылоо максатында жүзөгө ашырылат. Бул операциялар аргасыздан жүргүзүлүп, көз каранды жана Улуттук банк менен Өкмөттүн жөнгө салуучу аракеттерине байланыштуу. Ошентип, төлөм теңдеминин сальдосу субъективдүү ой жүгүртүү үчүн элементтерди камтып турса да, төлөм теңдеминин сальдосунун өлчөмүн ченөөгө, анын каржыланышындагы керектөөлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет.

## II.I-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары

| Төлөм теңдеменин статьялары | Маалымат булактары | Маалыматтардын мазмуну |
|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | | |
| **Товарлар** | | |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | | |
| экспорт | УСК | |
| порттордон алынуучу товарлар | УСК | |
| монетардык эмес алтын | УСК | |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | | |
| импорт (СИФ) | УСК | |
| нарк боюнча ондоолор | УСК | ишканаларды иликтөөнүн негизинде СИФ наркы боюнча импорттогу транспорттук жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү боюнча УСКнын баа берүүсү |
| порттордон алынуучу товарлар | УСК | ишканалардын отчетторунун негизинде бункердик отундун импорту боюнча маалыматтар |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | | |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | ишканаларды иликтөөнүн негизинде СИФ наркы боюнча импорттогу транспорттук сарптоолордун үлүшүнө Улуттук статистика комитетинин баасы |
| Кыдыруулар | УСК | республикага (республикадан) келген (кеткен) жарандардын санынын негизинде түзүлгөн ыкмага ылайык баа берүү |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | УСК, ТКМ | |
| Курулуш кызмат көрсөтүүлөрү | КБ | |
| Камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү | УСК, ишканалар, КБ | ишканаларды иликтөөнүн жана банк статистикасынын маалыматтарынын негизинде СИФ наркы боюнча камсыздандыруулардын импорттогу үлүшүнө УСКнын баасы |
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | Улуттук банк, КБ | |
| Компьютердик жана маалымат кызмат көрсөтүүлөрү | КБ | |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | ТИМ, КБ, Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү өкүлчүлүктөрүн күтүүгө кеткен чыгашалар боюнча маалыматтар; чет өлкөлөрдүн Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүктөрүнүн чыгашалары жөнүндө маалыматтар |
| Ишкердик  кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ, ишканалар | 8 ВЭС-кызмат көрсөтүүлөр отчеттуулук формасы боюнча ишканалардан топтолгон башка ишкердик техникалык кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтар баа берүү маалыматтары |
| анын ичинен Техникалык жардам | ЭВФ, ФМ | баа берүү маалыматтары |
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | 8 ВЭС-кызмат көрсөтүүлөр отчеттуулук формасы боюнча ишканалардан топтолгон жана башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтар |
| **Кирешелер** | | |
| Эмгек акылар | УСК, КБ, ишканалар | |
| Инвестициялардан кирешелер | | |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | УСК, КБ | 1-ИНВЕСТ отчеттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет өлкө ишканаларынан алынган тике инвестициялардан кирешелер тууралуу маалыматтар |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | Улуттук банк, КБ | |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | | |
| Кредиттер боюнча пайыздар | | |
| АКЖО | Улуттук банк | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк, УСК | |
| Банктар | КБ | |
| Башка секторлор | УСК | |
| Башка инвестициялар боюнча ж.б. кирешелер | Улуттук банк, КБ | Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөөгө байланыштуу кирешелери жана чыгашалары боюнча маалыматтар; коммерциялык банктардын жана ишканалардын чет өлкөлөрдөгү активдеринен кирешелер |

## II.l-таблица (уландысы)

| Төлөм теңдеменин статьялары | Маалымат булактары | Маалыматтардын мазмуну |
|---|---|---|
| **Күндөлүк трансферттер** | | |
| Гуманитардык жардам | УСК, ишканалар | |
| Техникалык жардам | ЭВФ | баа берүү маалыматтары |
| Башка гранттар | Улуттук банк | |
| Эл аралык уюмдарга төлөмдөр | ФМ | |
| Иштеп жүргөндөрдүн акча которуулары | ТКМ, КБ, Улуттук | |
| **Капитал менен операциялар эсеби жана финансылык операциялар эсеби** | | |
| **Капиталдык трансферттер** | | |
| Товарлар турундөгу гранттар | УСК | товарлар түрүндөгү гранттардын жалпы көлөмүндөгү капиталдык товарлардын үлүшүнө баа берүү |
| Миграцияга байланыштуу трансферттер | УСК | көчүп кетип-келип жаткандардын саны боюнча расмий маалыматтардын негизинде, көчүп кетип жаткандардын трансферттерине УСКнын баасы |
| Карызды кечүү | ишканалар, ФМ | |
| **Тике инвестициялар** | | |
| Чет өлкөгө | УСК | |
| Кыргыз Республикасына | УСК, КБ | 1-ИНВЕСТ отчеттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет өлкө ишканаларынан алынган тике инвестициялар боюнча маалыматтар |
| **Портфелдик инвестициялар** | | |
| Карыздык баалуу кагаздар | Улуттук банк, УСК, КБ, КРӨФРТКМК | |
| **Финансы деривативдери** | КБ | |
| **Башка инвестициялар** | | |
| Активдер | | |
| Нак акчалар жана депозиттер | | |
| Банктар | КБ | |
| Башка секторлор | УСК | |
| Соода кредиттери | УСК | |
| Башка активдер | | |
| АКЖО | Улуттук банк | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ | |
| Милдеттенмелер | | |
| Нак акчалар жана депозиттер | | |
| Банктар | КБ | |
| Соода кредиттери | УСК | 1-ИНВЕСТ отчеттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет өлкө ишканаларынан алынган тике инвестициялар боюнча маалыматтар |
| Кредиттер | | |
| АКЖО | Улуттук банк | ЭВФтин кредиттери жөнүндө маалыматтар |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк | мамлекеттик сектор тарабынан же анын гарантиясы астында алынган/төлөнгөн кредиттер жөнүндө маалыматтар |
| Банктар | КБ | коммерциялык банктар тарабынан алынган кредиттер боюнча банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Башка секторлор | УСК | өкмөттүн кепилдигисиз алынган/төлөнгөн кредиттер жөнүндө маалыматтар |
| Мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген | ФМ, КБ, УСК | |
| Камдык активдер | Улуттук банк | |



МАЗМУНУ

# III тиркеме. Төлөм теңдеминин "Кыдыруулар" статьясына баа берүүнүн ыкмасы

"Кыдыруулар" статьясына баа берүү ыкмасы чет өлкөлөрдөгү резиденттердин жана республикадагы резидент эместердин чыгашаларын бир кыйла так жана толук чагылдыруу, мейманканалардан, эс алуу үйлөрүнөн жана туристтик компаниялардан маалыматтарды жыйноонун салттуу түрдө колдонулуп келген ыкмасынын ордуна колдонуу максатында иштелип чыккан. "Кыдыруулар" статьясы боюнча маалыматтарды жыйноонун колдонулуп келинген ыкмасы операциялардын бир бөлүгүн гана камтыган жана төлөм теңдемин түзүүнүн эл аралык тажрыйбаларына ылайык бул статьяны мүмкүн болушунча баа берүү жолу менен аныктоо дурус болмокчу.

*"Кыдыруулар" статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту/импорту бир келүүчүгө/кетүүчүгө туура келүүчү чыгашаларын келип/кетүүчү жарандардын санына көбөйтүүнү билдирет.*

Аталган статья боюнча эсептөөлөр кыдыруулардын категориясы боюнча алардын максатын төмөндөгүлөргө бөлүү менен жүргүзүлөт:

– кызматтык,
– туристтик,
– жеке,
– коммерциялык.

Чыгашалар кыдыруулардын максатынын ар бир категориясы боюнча өзүнчө, баа берүү менен эсептелинет.

Чет өлкөлөрдө иш боюнча кыска мөөнөттүү кыдырууларда жүргөн кыргыз жарандарынын чыгашаларына баа берүү күнүнө 3 жолу тамактануунун наркын жана ал жерлерде жашаган турак жайлар үчүн чыгашаларын камтыган бир күндүк (суткалык) төлөмдөрдүн минималдуу нормасынын негизинде аныкталат. Бул нормалар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет. Эс алуу же коммерциялык (шоп-турлар) максаттар менен кыдырууларга баа берүү үчүн туристтик фирмалардын жол киренин наркын (аба-темир жол билеттеринин наркы) кошпогондогу, эс алууларга жана шоп-турларга жолдомолордун наркы жөнүндөгү маалыматтары пайдаланылат. Туристтердин бул чыгашалары туристтердин жеке максаттардагы сарптоолору боюнча маалыматтарды камтыйт, анда аларды республиканын ичинде андан ары сатып өткөрүү үчүн товарларды алууга чыгашалары камтылбайт.

Кыргызстанга келген чет өлкө жарандарынын чыгашалары дагы баа берүү негизинде эсептелинет жана бир күндөгү тамак-аштарына орточо алынган чыгашаларды, республиканын мейманканаларында бир күн тургандыгы, ошондой эле республиканын аймагында болуу учурундагы кошумча чыгашаларын камтыйт.

"Кыдыруулар" статьясына баа берүүнүн аталган ыкмасы Улуттук статистика комитетинин жана бажы органынын расмий маалыматтарынын, ошондой эле туристтик фирмалардын жана мейманканалардын маалыматтарынын негизинде жүзөгө ашырылат.

# IV тиркеме: Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы

Номиналдуу алмашуу курсунун салмактанып алынган орточо маанисин билдирген жана кароого алынып жаткан өлкөнүн бааларынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү бааларга карата өзгөрүү тенденциясын эске албаган алмашуу курсу **номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат (НЭАК-NEER nominal effective exchange rate).

Номиналдуу эффективдүү алмашууу курсу конкреттүү өлкөдөгү алмашуу курсу анын соода боюнча өнөктөш өлкөнүн курсуна салыштырмалуу базалык мезгилге карата канчалык өзгөрүүгө дуушар болгондугун аныктоого мүмкүндүк берет. Бирок, номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун өзгөрүүсү валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн же кандайдыр бир мезгил аралыгында ошол өлкөдө өндүрүлгөн жана экспорттук потенциалга ээ болгон товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү канчалык деңгээлде өзгөрүүгө дуушар болгондугун көрсөтпөйт. Кандайдыр бир мезгил ичинде конкреттүү валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгү канчалык өзгөрүүгө дуушар болгондугун аныктоо үчүн реалдуу эффективдүү алмашуу курсу эсептелинет (РЭАК-REER real effective exchange rate).

Соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баалардын салыштырмалуу өзгөрүүсүнө дал келүүчү өлчөмгө карата корректировкаланган номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу **реалдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу өлкөлөрдүн валюталарынын салмактанып алынган реалдуу алмашуу курсунун анын алдыңкы соода өнөктөштөрүнүн валюталарына карата катышын эсептөөдөн улам аныкталат. Мисалы, эгерде, конкреттүү өлкөнүн валютасынын курсу коңшу өлкөнүн валютасына карата инфляциянын жогорку деңгээлде болуусунан улам жогорулап жана бир эле учурда башка өнөктөш өлкөлөрдүн валюталарына карата инфляциянын деңгээлинин басаңдоосуна жараша төмөндөсө, реалдуу эффективдүү алмашуу курсу ошол өзгөрүүлөрдүн орточо өлчөмү катары улуттук валютанын курсун билдирет.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептөөнүн кеңири колдонулган формуласы болуп, белгилүү бир мезгил аралыгындагы тиешелүү эки тараптуу алмашуу курсунун базалык мезгилдегиге карата өзгөрүүлөрүнүн салмактанып алынган орточо өлчөмүн чыгарып салуу формуласы саналат.

Эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептөө үчүн өлкөлөрдүн каралып жаткан өлкөнүн тышкы соодасындагы салыштырмалуу салмагы аныкталат. Мына ошол салмактар конкреттүү өлкө үчүн бул же тигил валютанын салыштырмалуу маанилүүлүгүн чагылдырат. Эффективдүү алмашуу курсу эки тараптуу сооданын үлүшүн салмак катары пайдалануу менен эсептелинип чыгат (ошондой эле, экспорт менен импорттун үлүшүн же алардын суммардык орточо көрсөткүчүн пайдаланууга болот). Сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептеп чыгарууда экспорт менен импорттун орточо көрсөткүчү пайдаланылат. Салмакты эсептөө формуласы төмөнкүдөй жүзөгө ашырылат:

$$W_i = \frac{M_i + X_i}{\sum_{i=1}^{n} X_i + \sum_{i=1}^{n} M_i} \qquad (1)$$

мында,

$W_i$ – өлкөнүн жалпы тышкы товар жүгүртүүсүндөгү i өлкөсүнүн салмагы, $\sum_{i=1}^{n} W_i = 1.$

$M_i$ – i өлкөсүнөн Кыргыз Республикасына импорт,

$X_i$ – i өлкөсүнө Кыргыз Республикасынан экспорт,

$\sum_{i=1}^{n} X_i$ – соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөргө Кыргыз Республикасынын экспортунун жалпы көлөмү,

$\sum_{i=1}^{n} M_i$ – соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдөн Кыргыз Республикасына импорттун жалпы көлөмү.

$n$ – кароого тандалып алынган өлкөлөрдүн саны.

Соода боюнча өнөктөш катары Кыргыз Республикасынын тышкы соодасынын жалпы көлөмүндө эң чом салыштырмалуу салмакты ээлешкен өлкөлөр каралууда, аларды тандап алуу тышкы соода жүгүртүүнүн 90 пайызын камтууга тийиш. Тандоодон булар менен соода салыштырмалуу артыкчылык принциби боюнча эмес жүзөгө ашырылып жаткан импорттук жана экспорттук товарлар алынып салынат (аларга алтын, жаратылыш газы, электроэнергия, товардык гранттар, б.а. мамлекет мында товарларды келишимдин негизинде катталган баа боюнча сатат). Өлкөлөрдүн куржунун Улуттук банк ар бир беш жылда карайт.

2016-жылы индекстерди эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2010-жыл кабыл алынган. Улуттук банк базалык мезгил аралыгын ар бир беш жылда өзгөртүп турат.

Номиналдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индекси төмөнкүчө эсептелинет (мисалга, АКШ доллары үчүн).

$$NBER_{US_t} = 100 \times \left( \frac{ER_{US_t}}{ER_{US_0}} \right) \tag{2}$$

мында, $ER_{\overline{US_t}}$ сомдун t мезгил аралыгындагы (1 сом үчүн АКШ долларынын бирдиги) номиналдуу алмашуу курсунун орточо геометриялык мааниси. t эсептешүү мезгил аралыгындагы сомдун алмашуу курсунун орточо мааниси t мезгил аралыгындагы бардык календардык күндөрдүн ичинде аракеттенүүчү сомдун номиналдуу алмашуу курсунун орточо геометриялык мааниси катары аныкталат.

$ER_{US_0}$ – 0 базалык мезгил ичиндеги номиналдуу алмашуу курсунун тиешелүү орточо геометриялык мааниси.

Реалдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индексин эсептөө формуласы төмөнкүчө (мисалы, АКШ доллары үчүн):

$$RBER_{US_t} = 100 \times \left( \frac{ER_{US_t}}{ER_{US_0}} \right) \times \left( \frac{CPI_{KYR_t}}{CPI_{US_t}} \right) \tag{3}$$

мында, $ER_{\overline{US_t}}$ сомдун t мезгил аралыгындагы номиналдуу алмашуу курсунун (1 сом үчүн АКШ доллары бирдигинде) орточо геометриялык мааниси.

$ER_{US_0}$ – 0 базалык мезгил ичиндеги номиналдуу алмашуу курсунун орточо геометриялык мааниси.

$CPI_{KYR_t}$ ,$CPI_{US_t}$ – t мезгил аралыгынын 0 базалык мезгилине карата катышы учурундагы тиешелүүлүгүнө жараша Кыргыз Республикасында жана АКШда баалардын индексинин өзгөрүүсү.

Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу – бул, соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн каралып жаткан куржунуна кирүүчү номиналдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индекстеринин орточо салмактанып алынган геометриялык мааниси. t мезгил аралыгы ичинде ал төмөнкүчө эсептелинет:

$$NEER_t = \left(NBER_{1_t}\right)^{W_{1_t}} \times \left(NBER_{2_t}\right)^{W_{2_t}} \ldots \left(NBER_{n_t}\right)^{W_{n_t}} \tag{4}$$

мында, $NBER_{i_t}$ – t мезгилинде i өлкөсүнүн (2) формуласында эсептелинген номиналдуу эки тараптуу индекси.

$W_{i_t}$ – тиешелүү салмак.

Өлкөлөрдүн каралып жаткан куржунуна камтылган негизги өнөктөш өлкөлөрдүн эки тараптуу реалдуу алмашуу курсунун индексинин орточо салмактанып алынган геометриялык мааниси сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси болуп саналат. t мезгил ичинде ал төмөнкүчө эсептелинет:

$$REER_t = \left(RBER_{1_t}\right)^{W_{1_t}} \times \left(RBER_{2_t}\right)^{W_{2_t}} \ldots \left(RBER_{n_t}\right)^{W_{n_t}} \qquad (5)$$

мында, $RBER_{i_t}$ – t мезгил аралыгындагы i өлкөсүнүн (3) формула боюнча эсептелинген реалдуу эки тараптуу индекси.

$W_{i_t}$ – өлкөнүн (1) формула боюнча эсептелинген тиешелүү салмагы.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун динамикасы үч фактордон көзкаранды. Номиналдуу алмашуу курсу биринчи фактор болуп саналат. Сомду башка валюталарга карата бекемдөө (наркын төмөндөтүү) номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин жогорулоосуна (төмөндөөсүнө) алып келет. Экинчи фактор - кароого алынып жаткан өлкөдөгү жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баанын деңгээлинин өзгөрүүсү. Кыргыз Республикасындагы баанын өсүш арымынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баалардын өсүш арымдарына салыштырмалуу артып туруусу, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун жогорулоосуна, же тескерисинче болушуна алып келет. Баанын индекси реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөөдө гана кондонулат. Үчүнчү таасир берүүчү фактор болуп, Кыргыз Республикасынын тышкы товар жүгүртүүсүнүн көлөмүндөгү соодалык негизги өнөктөш өлкөлөрдүн салыштырмалуу салмактары саналат. Кыргызстандын тышкы товар жүгүртүүсүндө өлкөлөрдүн үлүшү канчалык көп болсо, сомдун алмашуу курсунун ошол өлкөнүн валютасына карата жана ошол өлкөдөгү баанын өзгөрүүсү сомдун эффективдүү алмашуу курсунун индексине ошончолук таасир бере алат.

Ошентип, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин төмөндөөсү, эрежеге ылайык, ушул өлкөлөрдүн рынокторундагы жергиликтүү товарлардын баа жагынан атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогорулай тургандыгы жана тескерисинче болушу мүмкүндүгү жөнүндө айгинелеп турат.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун кыргыз товарларынын баа жагынан атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө таасири IV.1-таблицада жалпыланган.

$$\varepsilon = \frac{E \times P}{P^*} \qquad (6)$$

мында, $\varepsilon$ – сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсу

E – сомдун номиналдуу алмашуу курсу (1 сом үчүн четөлкө валютасынын бирдиги)

P – Кыргызстандагы баанын деңгээли

$P^*$ – чет өлкөдөгү баанын деңгээли

МАЗМУНУ

**IV.1-таблица. РЭАКтын аракеттенүүсү боюнча негизги тыянактар**

| *Көрсөткүч* | *Көрсөткүчтүн өзгөрүүсү* | *РЭАКтын аракеттенүүсү* | *Кыргызстандын товарларынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүүсү* | *Эскертүү (бардык бирдей башка шарттарда)* |
|---|---|---|---|---|
| Е, алмашуу курсу | ↑ номиналдуу чыңдалуу | ↑ реалдуу чыңдалуу | ↓ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн начарлоосу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзан болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу кымбат болот |
| Е, алмашуу курсу | номиналдуу нарксыздануу ↓ | ↓ реалдуу нарксыздануу | ↑ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жакшырууcу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбат болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзан болот |
| **Р,** Кыргыз Республикасындагы баалардын деңгээли (сом түрүндө туюндурулган) | ↑ | ↑ реалдуу чыңдалуу | ↓ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн начарлоосу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзан болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу кымбат болот |
| **Р,** Кыргыз Республикасындагы баалардын деңгээли (сом түрүндө туюндурулган) | ↓ | ↓ реалдуу нарксыздануу | ↑ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жакшырууcу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбат болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзан болот |
| ***Р** , чет өлкөлөрдөгү баалардын деңгээли (өзүнүн валютасында туюндурулган) | ↑ | ↓ реалдуу нарксыздануу | ↑ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жакшырууcу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбат болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзан болот |
| ***Р** , чет өлкөлөрдөгү баалардын деңгээли (өзүнүн валютасында туюндурулган) | ↓ | ↑ реалдуу чыңдалуу | ↓ атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн начарлоосу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзан болот, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу кымбат болот |

# V тиркеме: Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан 1997-жылдын февраль айында коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы (ТБЭС) колдонууга киргизилген[1]. 2004-жылы Улуттук банк тарабынан «Төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы боюнча нускоого» өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген[2]. Бул система, төлөм теңдеминин банк тутуму аркылуу жүргүзүлүүчү операцияларын чагылдыруу үчүн кызмат кылат жана тышкы экономикалык операциялардын кеңири жана өз убагындагы статистикасын алууну камсыз кылат. Система өзүнө коммерциялык банктардын алар тарабынан жүзөгө ашырылуучу чет өлкө банктарындагы корреспонденттик эсептеринде, чет өлкө банктарынын кыргыз банктарындагы эсептериндеги накталай чет өлкө валютасы менен операцияларды жана резидент эместердин чет өлкө валютасындагы жана улуттук валютадагы операцияларын камтыйт. Кыргызстанда ТБЭСтин айырмалануучу өзгөчөлүгү болуп, коммерциялык банкттардын чет өлкөлүк өнөктөштөр менен корреспонденттик эсептер аркылуу жүзөгө ашырылган эл аралык операциялары толук камтылгандыгы саналат, бул андан төмөн болгон учурда операциялар эске алынбаган, минималдуу баштапкы (пороговой) сумманын жоктугунан улам шартталган. Алынган маалымат маанилүү булак болуп саналат жана төлөм теңдемин түзүү жана Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясын аныктоо үчүн пайдаланылат. Отчеттук маалыматтар төлөм теңдеминин стандарттык компоненттеринин негизинде аныкталган операциялардын тизмесине ылайык классификацияланат жана чагылдырылат. Системанын натыйжалуу иштөөсүн Улуттук банк тарабынан иштелип чыккан "Операциялар боюнча эсепке алуунун автоматташтырылган системасы" программалык камсыздоосу камсыз кылат. Ал коммерциялык банктарда колдонулат жана автоматтык түрдө жыйынтыкталган отчеттук маалыматтарды текшерүүгө жана ката кетирилген жазууларды аныктоого мүмкүндүк берет.

Коммерциялык банктар тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берилүүчү ар айлык отчеттор электрондук жана кагаз жүзүндө, отчеттук айдан кийинки айдын 15не чейин берилет. Отчеттогу ар бир эсеп боюнча маалыматтар бир мезгилдин башталышына жана акырына карата эсептеги калдыктардын суммасын көрсөтүү менен башталат жана аяктайт, демек, ал жерде эсептердеги каражаттардын отчеттук мезгил ичиндеги жылышы катталат. Отчеттук мезгилдин башталышына жана акырына карата сальдо эсептин мүнөзүнө жараша көрсөтүлөт: ностро-эсептери жана накталай чет өлкө валютасы үчүн бир мезгилдин башталышына жана акырына карата сальдо кредит боюнча, ал эми лоро-эсептери жана резидент эместердин чет өлкө валютасындагы жана улуттук валюта түрүндөгү эсептери үчүн тескерисинче, дебет боюнча көрсөтүлөт. Бардык отчеттор иштелип чыккандан кийин маалыматтардын жалпы базасына топтоштурулат да, төлөм теңдеминин стандарттык компоненттери боюнча классификацияланат.

Ушул система боюнча коммерциялык банктар толтурушкан электрондук формадагы ар бир операция банк-корреспондент, операциялардын валютасы, операциялардын датасы, операциялардын түрү, банктын кардарлары болгон өнөктөш өлкөлөр (контрагенттер), экономиканын белгилүү бир секторуна таандык экендиги, анын эсеби боюнча операциялар жүргүзүлгөн кардар өлкө боюнча классификацияланат. Операциялардын түрү, өлкөнүн аталышы, валютанын аталышы жана экономика сектору коддорго салынган формада көрсөтүлөт. ПБ-1 формасы боюнча отчеттун электрондук формасы 14-тилкеде берилген жана түшүндүрмөсү төмөндө келтирилген.

[1] Intenational Translation Reporting System (ITRS)

[2] Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 25-ноябрындагы N30/5 токтому. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 2004-жылдын 22-декабрындагы 150-04 номеринде катталган. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы N52/10 токтому.

| Тилке номери | Тилкенин аталышы | Тилкенин мазмуну |
|---|---|---|
| 1 | Өнөктөштүн аталышы | Бул жерде чет өлкөдөгү банк-корреспонденттин аталышы көрсөтүлөт. Накталай валюта менен операцияларды эсепке алууда бул тилкеде: «накталай чет өлкө валютасы» деп көрсөтүү зарыл. Кыргыз Республикасындагы резидент эместердин операцияларын эсепке алууда «резидент эмес кардарлардын эсептери» көрсөтүлөт. |
| 2 | Өнөктөш жайгашкан өлкөнүн коду | Бул жерде банк-корреспондент жайгашкан өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Мында, Улуттук Статистика комитетинин өлкөлөрдүн кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. Накталай чет өлкө валюталары менен болгон операцияларды же болбосо, Кыргыз Республикасында резидент эместердин улуттук валютадагы жана чет өлкө валютасындагы операцияларын эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын кодун көрсөтүү зарыл. |
| 3 | Эсеп | Бул жерде анын классификациясына ылайык эсептин коду көрсөтүлөт («1-ностро», «2-лоро», «3-накталай чет өлкө валютасы», «4-резидент эмес кардарлардын эсептери»). |
| 4 | Валютанын аталышы | Бул жерде операция жүргүзүлүп жаткан валютанын коду көрсөтүлөт. Ошону менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2000-жылдын 5-июлундагы N26/9 токтому менен бекитилген ЭК валюталардын эл аралык классификаторунда (ИСО 4217003-97) келтирилген валюталардын тамга түрүндөгү коддору колдонулат. |
| 5 | Операция өткөрүлгөн күн | Бул жерде банктын бухгалтердик отчеттуулугунда операциянын чагылдырылган күнү көрсөтүлөт. |
| 6 | Операциянын коду | Бул жерде тиркемеде келтирилген операциялардын коддорунун тизмесине ылайык, операциянын коду көрсөтүлөт. |
| 7 | Төлөөчү өлкө-алуучунун коду | Накталай эмес операцияларды эсепке алууда: чыгыш төлөмдөр боюнча бенефициар (алуучу) өлкөнүн коду, ал эми кириш төлөмдөр боюнча – жөнөтүүчү өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Аналогиялык түрдө, накталай чет өлкө валюталары менен жүргүзүлгөн операциялар эске алынат. Мисалы, ар кыл системалар (Western Union, Contact, Money Gram, Anelik ж.б.) боюнча акча которуу үчүн накталай акча салууда алуучу өлкөнүн коду, ал эми ар кыл системалар (Western Union, Contact, Money Gram, Anelik ж.б.) боюнча накталай акча алууда – жөнөтүүчү өлкөнүн коду. Улуттук статистика комитетинин өлкөлөр кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. |
| 8 | Сектордун коду | Бул жерде анын эсеби боюнча банкта операция ишке ашырыла турган, Кыргыз Республикасындагы банктын кардары тиешелүү болгон, экономиканын секторунун коду көрсөтүлөт. Мында, Төлөм тендеми боюнча колдонмого ылайык иштелип чыккан классификатордо көрсөтүлгөн экономиканын секторлорунун коддору колдонулат. |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | Кардар өлкөнүн коду | Бул жерде анын эсеби боюнча банкта операция ишке ашырыла турган, резиденти Кыргыз Республикасындагы банктын кардары болуп эсептелген өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Мында Улуттук Статистика комитетинин өлкөлөр кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. |
| 10<br>11 | Кредит<br>Дебет | Эсептердеги каражаттардын жылышы кредиттин жана дебет саптарында чагылдырылат. Маалыматтарды төмөнкү мүнөздө чагылдыруу зарыл: ностро-эсептери жана накталай чет өлкө валютасы менен жүргүзүлгөн опрециялар үчүн – каражаттардын келип түшүүсү – кредит боюнча, дебет боюнча – лоро-эсептери жана кардар-резидент эместердин улуттук валютадагы жана чет өлкө валютасындагы эсептери боюнча операциялар үчүн, аларды эсептен алып салуу, тескерисинче: кредит боюнча – эсептен алып салуу, дебет боюнча – каражаттардын эсепке келип түшүүсү. Сумма номиналда үтүрдөн кийин эки белги менен валюталардын бирдигинде көрсөтүлөт. |
| 12 | Сумма сом менен | Бул жерде банктын бухгалтердик отчеттуулугунда операцияларды чагылдыруу күнүндөгү абал боюнча Улуттук банктын курсу боюнча сомго эквиваленттүү сумма көрсөтүлөт. |
| 13 | АКШ долларындагы сумма | Бул жерде банктын бухгалтердик отчеттуулугунда операцияларды чагылдыруу күнүндөгү абал боюнча Улуттук банктын курсу боюнча АКШ долларына эквиваленттүү сумма көрсөтүлөт. Сумма үтүрдөн кийин, эки белги менен көрсөтүлөт. |
| 14 | Операция | Бул жерде ар бир акча каражатынын которулушун багыттоо жөнүндө толук маалымат көрсөтүлөт. Бул тилкедеги маалымат тиркемеде келтирилген төлөм теңдеминин стандарттык классификациясы боюнча операциялардын аталыштарын кайталабастан, конкреттүү операциялардын мазмунун чагылдырууга тийиш. Бул операциялардын кодировкасынын тууралыгына контролдукту ишке ашыруу үчүн зарыл. Ошентип, «финансылык кызмат көрсөтүүлөр», «башка иштиктүү кызмат көрсөтүүлөр», «товардын экспорту» ж.б. түшүндүрмөлөр отчеттуулуктун толуктугуна коюлган талаптарды канааттандырбайт. Мисалы, товарды берүү үчүн акы төлөө эсебине акча каражаттарын которууда кайсы товар үчүн акы төлөө жүргүзүлүп жатканын көрсөтүү зарыл. |

ПБ-1 формасы боюнча отчетко кошумча, отчеттук айдын башындагы жана акырындагы каражаттардын калдыктары боюнча маалымат жазуу түрүндө берилет. Бул маалыматтар ПБ-1 отчетунун электрондук формасында чагылдырылган, ал мезгил аралыгынын башына жана акырына карата каражаттардын калдыктары боюнча маалыматтарга дал келүүгө тийиш. Кошумча отчеттуулук төмөнкү формалар боюнча берилет:

- ПБ-1К формасы боюнча – чет өлкө банктарынын корреспонденттик эсептериндеги жана кыргыз банктарындагы чет өлкө банктарынын эсептериндеги каражаттардын калдыктары боюнча маалымат;
- ПБ-1Н формасы боюнча – накталай чет өлкө валютасындагы каражаттардын калдыктары боюнча маалымат;
- ПБ-1СИ формасы боюнча – кардар – резидент эместердин улуттук валютадагы жана чет өлкө валютасындагы эсептериндеги каражаттардын калдыктары боюнча маалымат.

# VI тиркеме. Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерин эсептөөнүн ыкмасы

Тышкы карыз (EDT) – резидент эместердин алдында чет өлкө валютасы, товар же кызмат көрсөтүү түрүндөгү төлөөгө тийиштүү болгон карыздык милдеттенмелеринин жыйындысы.

*Алынган каражаттар (DISB)* – кредитордун отчеттук мезгил ичиндеги кредиттик гарантиясынын көлөмүнөн суммаларды пайдалануу.

*Амортизацияланган төлөмдөр (AMT)* – отчеттук мезгил ичинде карыздардын негизги суммасын төлөө эсебине товар же кызмат көрсөтүү түрүндөгү төлөмдөрдү кошо алуу менен чет өлкө валютасындагы төлөмдөр.

*Пайыздык төлөмдөр (INT)* – отчеттук мезгил ичинде товар же кызмат көрсөтүү түрүндөгү төлөмдөрдү кошо алуу менен чет өлкө валютасындагы пайыздар боюнча төлөмдөрдүн иш жүзүндөгү суммасы.

*Тышкы карызды тейлөө (TDS)* – карызгерлер зарыл түрдө жүргүзүүчү амортизациялык жана пайыздык төлөмдөр.

*Алып салуу (WRTOFF)* – төлөнбөгөн карыздарды нөлгө чыгаруу.

Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы карызы мамлекеттик тышкы карыздын, жеке тышкы карыздын жана ЭВФтин кредити боюнча карыздардын жыйындысы катары аныкталат.

$$EDT = EDT_G + EDT_P \qquad (1)$$

мында, $EDT_G$ *Мамлекеттик тышкы карыз* – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тышкы карыздык милдеттенмеси, ЭВФтин алдындагы карыз, плюс аларды төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен гарантияланган жеке карызгерлердин тышкы карыздык милдеттенмелери. Бул Кыргыз Республиксынын Финансы министрлигинин маалыматынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ички булактарынын негизинде эсептелинет.

$EDT_P$ – *Жеке тышкы карыз* – аны төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен гарантияланбаган жеке карызгерлердин тышкы карыздык милдеттенмелери. Кредиттик каражаттарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн гарантиялоосуз тарткан менчик ишканалардын маалыматтарынын негизинде эсептелинет.

Тышкы карыздын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата төмөндөгү формула боюнча аныкталат:

$$EDT_t = EDT_{(t-1)} + DISB_t - AMT_t - WRTOFF_t \qquad (2)$$

мында, $EDT_{(t-1)}$ – тышкы карыздын өткөн мезгилдин акырына карата көлөмү;
$DISB_t$ – t отчеттук мезгил ичинде иш жүзүндө алынган каражаттар;
$AMT_t$ – t отчеттук мезгил ичинде иш жүзүндө төлөнгөн амортизациялык төлөмдөр;
$WRTOFF_t$ – t отчеттук мезгил ичинде эсептен чыгарылган негизги суммалар .

Тышкы карыз боюнча маалыматтар өлкөнүн тышкы экономикалык абалын анализдөө үчүн зарыл болгон көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн пайдаланылат.

$(EDT/GDP)\times 100\%$ – жалпы тышкы карыздын ички дүң продукциясына болгон катышы;
$(EDT/XGS)\times 100\%$ – жалпы тышкы карыздын товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна болгон катышы;

$TDS_{prg} = AMT_{prg} + INT_{prg}$ – жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине график боюнча төлөмдөр;

$TDS_{act} = AMT_{act} + INT_{act}$ – жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине жүргүзүлгөн иш жүзүндөгү төлөмдөр;

$K_{prg} = \frac{TDS_{prg}}{XGS}$ – график боюнча жалпы тышкы карызды тейлөөнүн коэффициенти, XGS – товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту;

$K_{act} = \frac{TDS_{act}}{XGS}$ – тышкы карызды иш жүзүндө тейлөөнүн коэффициенти.

Бул көрсөткүчтөр өлкөнүн тышкы карыздын айынан тартып жаткан түйшүгүнө жана анын карызды тейлөө боюнча жөндөмдүүлүгүнө баа берүүсүнө мүмкүндүк берет. Карыздын айынан тартып жаткан түйшүгү жана анын карызды тейлөө боюнча жөндөмдүүлүгү өлкөгө валюталык түшүүлөрдүн үлүшү менен жана өндүрүш көлөмүндө өлчөнөт.

# VII тиркеме. Эл аралык инвестициялык позицияны түзүү ыкмасы

*Эл аралык инвестициялардын теңдеми* статистикалык отчетту чагылдырат жана анда өлкөнүн белгилүү бир датага карата тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин топтолгон запасы (мисалы, жылдын акырына), ошондой эле финансы операцияларынын натыйжасында келип чыккан алардын өзгөрүүлөрү, нарктык өзгөрүүлөр, кайрадан баалоолор жана башка корректировкалоочу жол-жоболор камтылат.

Эл аралык инвестициялардын теңдеми эки негизги классификациялык топтон: Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринен жана милдеттенмелеринен турат. Ушул топтордун компоненттери төлөм теңдеминин финансы эсебинин статьяларына ылайык келет жана функционалдык категорияларды чагылдырат. “Активдер” жана “Милдеттенмелер” бөлүгүндөгү маалыматтар Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (талаптарынын) жана милдеттенмелеринин өлчөмүн, алардын түзүмүн жана изилдөөгө алынып жаткан мезгил аралыгындагы өзгөрүүлөрүнүн себептерин мүнөздөйт.

*Өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясы* анын тышкы активдери менен милдеттенмелеринин ортосундагы айырмасын билдирет.

Эл аралык инвестициялык позиция таблица түрүндө, төмөнкүдөй формада берилет:

| Көрсөткүчтөр | Бир мезгилдин башталышына карата калдык | Операциялардын натыйжасында өзгөрүүлөр | Баалардын өзгөрүүсү | Курстардын өзгөрүүсү | Башка өзгөрүүлөр | Бир мезгилдин акырына карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| А | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| А. Активдер | | | | | | |
| В. Милдеттенмелер | | | | | | |
| С. Таза эл аралык инвестициялык позиция | | | | | | |

Таблицалардын саптары боюнча негизги классификациялык топтор көрсөтүлгөн: Кыргыз Республикасынын тышкы активдери жана милдеттенмелери. Ушул топтун компоненттери төлөм теңдеминин финансы эсебинин статьяларына ылайык келет жана функционалдык категорияларды чагылдырат.

Активдер тике инвестицияларга, портфелдик инвестицияларга, финансы деривативдерине, башка инвестицияларга жана камдык активдерге бөлүнөт. Мына ушундай эле бөлүү милдеттенмелер үчүн да пайдаланылат (камдык активдерден тышкары).

*Каралып жаткан* таблицанын тилкелери боюнча отчеттук мезгил ичиндеги эл аралык инвестициялардын теңдеминин компоненттеринин өзгөрүүсүнө алып келген факторлор чагылдырылат.

1 жана 6-тилкелерде Кыргыз Республикасынын бир мезгилдин баш жагына жана акырына карата тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин абалы чагылдырылат.

2-тилкеде эл аралык инвестициялык позициянын финансы компоненттери менен реалдуу операциялардын натыйжасында келип чыккан өзгөрүүлөр келтирилет.

3 жана 4-тилкелерде баанын деңгээлинин жана валюталык курстардын өзгөрүүсүнүн таасири астында тышкы активдердин жана милдеттенмелердин нарктык баасынын өзгөрүүсү эсепке алынат.

5-тилкеде төмөндөгүлөр менен шартталган жана башка өзгөрүүлөр чагылдырылат:

- классификацияны кайрадан кароо менен (мисалы, портфелдик инвестициядан инвестициялана турган объектинин капиталындагы инвестордун үлүшүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында тике инвестицияга өтүү);
- кредитор тарабынан карыздарды бир тараптуу жокко чыгаруу;
- жана башка өзгөрүүлөр менен.

Эл аралык инвестициялык позициянын маалыматтары өлкөнүн тышкы экономикалык абалын анализдөө үчүн маанилүү, анткени, ал Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (милдеттенмелеринин) өлчөмүн, алардын түзүмүн жана изилденип жаткан мезгил аралыгындагы өзгөрүүлөрдүн себептерин мүнөздөп берет.

*Өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясы* ошол өлкөнүн дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен тышкы экономикалык байланышынын өнүгүшү абалын жана тенденциясын аныктоо үчүн пайдаланылат.

Таза эл аралык инвестициялык позициянын өлкөнүн ресурстары менен анын башка мамлекеттердин алдындагы карызынын ортосундагы катышты мүнөздөгөн оң же терс белгиси өлкөнүн "таза кредитор" же "таза карызкор" катары статусун чагылдырат, ал эми мунун өзү, мамлекеттин экономикалык саясатын иштеп чыгууда маанилүү ролду ойнойт (экономикалык туруктуулук программасын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, анын каржылоо керектөөсүн аныктоо).

Таза эл аралык инвестициялык позицияны эсептөө маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчкө – улуттук байлыкка баа берүүгө мүмкүндүк берет, ал эми анын өлчөмү өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясынын жана финансылык эмес активдеринин өлчөмүн кошуу жолу менен аныкталат.

# VIII тиркеме. Экономиканын ачык-айкындуулугу жана тышкы сооданын концентрациясын эсептөө ыкмасы

Улуттук банктын ыкмасы боюнча экономиканын ачык-айкындуулугу республиканын тышкы товар жүгүртүүсүнүн орточо маанилүүлүгүнүн ички дүң продукциясына карата катышы катары эсептелинет. Улуттук банк тарабынан колдонулуучу экономиканын ачык-айкындуулугун эсептөөнүн формуласы төмөнкүдөй түзүлгөн:

$$Opns = \frac{(Ex + \mathrm{Im})}{GDP}$$

мында, $Ex$ – ФОБ баасы боюнча товарлардын экспорту,

Im – ФОБ баасы боюнча товарлардын импорту,

GDP – ички дүң продукция

Концентрациялануу коэффициенти өлкөлөр боюнча (продукциялардын түрлөрүнүн) экспорттук-импорттук көлөмдөрдүн алардын чогуу алгандагы көлөмүнө карата катышынын квадраттык суммасынын квадраттык уңгусу катары эсептелинет. Тышкы сооданын географиялык же товардык концентрациясы төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

$$K = \frac{\sqrt{\sum_{i=1}^{n} x_i^2}}{X}$$

мында, $K$ – концентрациялануу коэффициенти,

$x_i$ – i товарынын экспортунун (импортунун) же i өлкөгө (өлкөдөн) экспортунун (импортунун) көлөмү,

$X$ – Кыргызстандын экспортунун же импортунун жалпы көлөмү.

Концентрациялануу коэффициентинин көбөйүүсү өлкөлөрдүн санынын (продукциялардын түрлөрүнүн) азаюусун же болбосо жалпы көлөмдө айрым өлкөлөрдүн (продукциялардын түрлөрүнүн) үлүшүнүн көбөйүүсүн билдирет.